www.bizdin.kg

Фергана өрөөнүндө, бүгүнкү Афганистан, Өзбекстан, Тажикстан, Кытайда жашаган кыргыздар жана алардын этностук курамы, локалдашуусу (XX к. баш чендери – XX к. 90-ж.)

Кыргызтаануудагы дагы бир актуалдуу маселелердин бири - тарыхый тагдырдын жазмышы менен кошуна өлкөлөрдө (Кытай, Өзбекстан, Тажикстан, Афганистан, Казакстан) жашап жаткан кыргыз боордошторубуз, алардын социалдык-саясий жана экономикалык абалын, таралып жайгашуу алкагын, уруулук курамдарын тактоодо турат. Кыргыздар аталган өлкөлөрдүн (анын ичинде 1991-ж. кийин пайда болгон КМШ өлкөлөрүндө) чектеринде эзелтеден жашап келишет. Ириде, кыргыздардын бөлүнүп калуусунун негизги себептерин эки этапта кароо зарыл: биринчиси, XIX к. экинчи жарымындагы Россия-Кытай (Цинь династиясы), Россия-Англия чек ара келишимдеринин негизинде кыргыздардын бир бөлүгү Кытай (Цинь) жана Улуу Британиянын протекторатында болгон Афганистандын аймагында калып калышкан. Экинчиси, XX к. 20-30 жж. Совет бийлиги тарабынан ишке ашырылган (бул процессти Убактылуу өкмөт баштаган –О.К.) Орто Азиядагы улуттук-аймактык чек араларын тактоонун жыйынтыгында Россия империясынын жана мурдагы Бухара эмирлигинин курамында жашаган кыргыздардын бир бөлүгү кийин түзүлгөн Өзбек, Тажик, Казак союздук республикаларынын аймагында (адегенде, АССРлер) жашап калышкан. Бул иш-аракеттер Совет мамлекетинин Орто Азия чөлкөмүндө жашаган элдердин улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүнө карата ажыраган, улуттук-административдик башкаруу системаларын түзүү боюнча саясатынын жыйынтыгы болгон эле. Анын натыйжасында, кыргыздар эзелтеден жашап келген аймактар жогоруда аталган республикалардын юрисдикцияларына кирип калган болучу.

Соңку мезгилдерде электрондук жана басма-сөз каражаттары кошуна өлкөлөрдүн аймагында эзелтеден бери жашап келе жатышкан, тарыхый тагдырдан улам аталган өлкөлөрдүн курамдарында калган кыргыздарды «этникалык кыргыздар» деген термин менен атап келишүүдө. Бул терминди учурда мамлекеттик кызматтагы чиновниктер да расмий пайдаланышары маалым. Бул термин этностук-психологиялык жактан алганда илимден алыс, туура эмес түшүндүрмө болуп саналат. «Этникалык кыргыздар» деп аталган категорияга Кыргызстандан башка мамлекеттерге барып отурукташып, айрымдары ошол өлкөлөрдүн атуулдуктарына ээ болуп калышкан мекендештерибизди (Түркия, Германия, Россия, АКШ, Италия ж.б. жашагандар) киргизүүгө болот. Мисалы, Түркиянын Ван аймагындагы

www.bizdin.kg

кыргыздарды «этникалык кыргыздар» деп атоого болот. Анткени, алар 1982-ж. Афганистандагы эзелтеден жашаган жерлеринен башка өлкөгө ооп, журт которууга аргасыз болушкан.

1.1. Фергана кыргыздары

Учурда көз каранды эмес мамлекеттердин юрисдикциясына кирип калган Фергана чөлкөмү (Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан) байыркы мезгилдерден – “Алтын өрөөн” деген кошумча ат менен белгилүү. Орто Азиянын бермети Фергана өрөөнү – Азиядагы эң алгачкы адамдар жашаган, цивилизациялар, ар кыл маданий очоктор өнүккөн аймактардын бири. Сууга бай тоо этектери, семиз жерлери, мал жайыттуу тоо кыркаларын адам баласы эзелтеден өздөштүрүшүп, отурукташкан, жарым көчмөн, көчмөн маданияттары жогорку денгээлде өнүккөн чөлкөм катары белгилүү. Өрөөндүн тарыхы эзелтеден көп түрдүү маданий катмарларды өзүнө сиңирген, шаар маданияты, жарым отурукташкан, көчмөн ж.б. урулардын, элдердин чарбалык-маданий, соода-экономикалык, тилдик байланыштары тыгыз өнүккөн. Чөлкөмдөгү шаарлар, калк отурукташкан аймактар батыш менен чыгышты байланыштырган ири соода, маданий-экономикалык борборлорго айланган. Чыгыш менен Батыштын цивилизизацияларын байланыштырган Улуу Жибек жолунун тарамдары дал ушул Фергана өрөөнү аркылуу бириге турган. “Орто Азиянын бермети” болгон өрөөн байыртадан индоевропа (иран, хинди), түрк-монгол тилдери, ислам, будда, христиан ж.б. маданияттары жуурулушкан, кайчылашкан борборлордун бири, анын негизгиси болуп эсептелет. Фергана өрөөнү соода жана чарбалык алакаларды жүргүзүүгө ыңгайлуу болгон. Чөлкөмдөгү ашуу жолдору аркылуу Чыгыш Түркстанга (Кашкар, Турфан), Тибетке, түндүк, түндүк-чыгыштан Таласка, Ысык-Көлгө, Жети-Суу чөлкөмүнө, түштүк тараптан Матча, Каратегин, Мургаб-Бадахшан, Гиссар, Памир-Алайдын башка аймактарына соода, чарбалык маанилүү жолдор кеткен. Салыштырмалуу тынчтык жана бардарчылык өкүм сүргөн өрөөнгө туш тараптан ар кыл этностор көчүп келген. Натыйжада, XIX к. ичинде, XX к. баш чендерине карата Фергана өрөөнүнүн калкынын санынын, ар кыл этностук топтордун көбөйүшүнө, калктын жыш болушуна өбөлгө түзгөн эле (Губаева 2004, 3-4). Илимий адабияттарда Кыргызстандын түштүгүндөгү жашаган кыргыздардын дээрлиги “фергана кыргыздары” же “ферганалык кыргыздар” деп жазылат. Мындан сырткары, аймактык жайгашуусуна ылайык “Анжиян кыргыздары”, “Алай кыргыздары”, “Кожент кыргыздары” деген географиялык аттар белгилүү болушкан. Өз учурунда түндүк аймактагы кыргыздар “арка кыргыздары” же “аркалык кыргыздар” деп аталышканы маалым. Арка (аркалык) – кыргыз тилинде

www.bizdin.kg

географиялык жактан түндүк маанисин туюнткан. Ал эми кыргыздын ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобунун өкүлдөрү оң жана сол канаттагы кыргыз урууларын – “отуз уул” же “отуз уулдан тарагандар” деп аташары белгилүү. “Фергана кыргыздары” термини кыргыздардын чөлкөмдүк жайгашуусуна карата берилген илимий аталыш.

Фергана өрөөнүнүн ээлеген аймагы 22 миң чарчы километр, тоо этектерин кошкондо 80 миң чарчы километрди камтыйт. Өрөөн эллипс формасына окшош келип, узундугу 300, туурасы 170 чарчы километрге жетери маалым. Фергана өрөөнү түндүк-батыштан - Чаткал жана Курама тоо кыркалары, түндүк-чыгыштан – Фергана, түштүк атрабы болсо, Алай жана Түркстан тоо кыркалары менен курчалып турат. Батыш тарапта Орто Азиянын башка аймактарына чыгууга боло турган түздүк жол учурда Кайрак-Кум каналын (“Хожент дарбазасы”) жээктеп олтуруп, Ач-Талаанын (Голодный степь) мейкиндигине созулуп жатат. Өрөөндөн тышкы дүйнө менен байланыштыра турган калган жолдордун дээрлиги тоолор, ашуулар аркылуу өтөт. Өрөөндүн аймагы негизинен түздүк жерлер, аны курчаган тоолордон турат, ал эми тоолордун бийиктиги 6 миң метрге чейин жетери аныкталган. Эзелтеден саясий-экономикалык, маданий жактан текши өнүккөн Фергана өрөөнүнү XX к. биринчи чейрегинен тартып (1924-1926\27 жж.) улуттук-маданий өзгөчөлүктөргө карата (Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан) чек араларга бөлүнгөн эле. Учурда Фергана өрөөнү Орто Азиядагы гана эмес, дүйнө жүзүндөгү калктар эң жыш жайгашкан чөлкөмдөргө кирет. Аймактын калкы негизинен жер иштетүүчүлүк, тоо жана тоо этектеринде мал, айыл чарбачылыгы менен кесиптенишет. Фергананын чөлкөмүнүн көпчүлүктү түзгөн негизги калктары кыргыздар, өзбектер, тажиктер, орус тилдүү улуттар, андан кийин татарлар, уйгурлар, орто азиялык түрктөр, Орто Азия цыгандары (лөлүлөр) ж.б. түзөт. Калктын дээрлиги исламдын сунни багытын (ханафи масхабы) тутунушары белгилүү. Географиялык жактан алганда Орто Азиянын башка аймактарынан бөлүнүп турган Фергана өрөөнүнүн калкынын этностук тарыхында, маданиятында айрым өзгөчөлүктөр калыптангандыгын белгилөөгө болот.

Кыргыздардын жана кыргыз этносунун тарыхы, маданияты, тили ж.б. өзгөчөлүктөрү Фергана өрөөнүнүн калктары, маданияты менен тыгыз байланышкан. Өрөөндү, анын тоо этектерин, тоо коюндарын кыргыздар эзелтеден мекендеп келишери маалым. Аймакты байырлаган калктардын тарыхы, маданияты, мамлекеттер ж.б. боюнча орто кылымдардагы, жаңы доордогу тарыхый булактарда, орто жана жаңы доордогу авторлордун эмгектеринде кеңири чагылдырылган. Чет өлкөлүк жана ата мекендик тарыхчылар да чөлкөмдүн тарыхына туруктуу кызыгып келишери илимге белгилүү. Кыргыздар Орто Азиянын чектеринде IX – X кк. эскериле баштайт. Айрым сейрек жазуу булактарында кыргыздар жана аларга кошуна

www.bizdin.kg

жашаган элдер, уруулар тууралу маалыматтар бар. “Кыргыздар эзелтеден эле Мавераннахрдын (Сыр-Дарыя жана Аму-Дарыя аралыгы) шаар ж.б. калкы менен тыгыз соода байланыштарында болушкан. Алар (кыргыздар) кийим, кездеме, айыл чарбага зарыл болгон товарларды алышса, өз кезегинде отурукташкан калкка мал, мал чарба заттарын, эт-сүт азыктарын, тери ж.б. менен камсыз кылып турушкан. Кыргыздар Орто Азиянын талаалуу аймактарын (Эки дарыя аралыгына) б.з. VI к. Батыш-Түрк кагантынын, кийинчерээк Уйгур, Түргөш каганаттарынын тушунда ургаалдуу өздөштүрө башташкан (караңыз: Этнический атлас Узбекистана, 2002,140-142). Б.з. 982-ж. белгисиз (анонимдүү) автор тарабынан жазылган "Китаб Худуд ал-ʻалам мин ал-Машрик ила-ал-Магриб" (“Чыгыштан батышка чейинки дүйнөнүн чектери”) аттуу орто кылымдык географиялык жазуу булагында атайын бөлүм кыргыздарга арналган (“Хыргыздар жашаган аймак жөнүндө”- 176-б). Кошуна элдер (чигил, йагма, карлук, кесим,тухси ж.б.) тууралуу маалыматтарда кыргыздар 11 ирет эскерилген. Ош, Өзгөн, Аксы, Хоканд (Кокон), Кубасай сыяктуу шаарларда жана калк жашаган жерлерде аталган элдер менен бирге кыргыздар да байырлашары сүрөттөлөт (МИКК,1973,“Худуд ал-алам”. -С.41-45). Фергана өрөөнүндөгү Ош, Андукан (Анжиян), Өзгөн, Аксыкент, Кувасай ж.б. шаарлар, аймактын калкы, чарбасы боюнча маалыматтар орто кылымдагы авторлордун эмгектеринде кеңири сүрөттөлөт (караңыз: ККТБ, Бишкек, 2002, 1-2 китептер).

Монгол жеңип алууларынын доору, андан кийинки учурлардагы чөлкөмдүн калкы тууралуу маалыматтар көп. Мусулман авторлорунун эмгектери динге, аны таратууга байланыштуу жазылып, калкы негизинен мусулмандар деген термин менен гана белгилешкен. Захреддин Бабур “Бабур-намэде” Анжияндан чыгышта, Фергана өрөөнү менен Кашкардын ортолугунда 5-6 миң түтүн эл көчүп-конуп жүрөт, алар өздөрүн “чогорок”, “чогрок” деп аташарын жазган. Чогороктор малдан кой, топоз (котос) кармашарын баяндайт. Орто Азияда бир гана кыргыздар топоз кармашарын белгилегенде, Фергана өрөөнүндө кыргыздар ургаалдуу жашагандарын байкоого болот. Дешт и-Кыпчактан тимурийлер мамлекетин кулатып, ооп келген өзбектерге (Шейбанилер) каршы аскер жыйнаган Бабур (Захреддин Мухаммед Бабур) кыргыздардан 20000 кой, 1500 жылкы алгандыгы жазылган. Чогороктор учурда Кыргызстандын аймагында жашаган тейит жана кесек урууларында, өзбекстандык, мургабдык, ташкоргондук (Кытай) кыргыздардын арасында кеңири таралган ири урук (уруу) катары белгилүү. Мирза Мухаммед Хайдардын “Тарих-и Рашиди” чыгармасында (1451-ж. окуялар чагылдырылат) Фергана өрөөнүндө барин, булгачи, чорос ж.б. уруулар тууралу маалыматтар чагылдырылат. Баарын – кыргыздын он канатына кирген

www.bizdin.kg

уруу, булгачы же булгачылар кыргыздын ичкиликтер уруулук бирикмесинин аталышы, чоро(с) – саяк уруусундагы ири уруктун аталыштары катары белгилүү. XVI к. Сайф ад-Дин Аксыкентинин “Мажму ат-Таварихинде” (“Тарыхтар жыйнагы”) кыргыздын оң, сол, ичкиликтер (Булгачылар) уруулук топтору тууралуу маалымат берилет. Ошол доордо эскерилген генеалогиялык ажырым бүгүнкү кыргыздардын генеалогиялык тарамы менен толук дал келет. Оболу, дуалдык система боюнча курулган оң, сол жана ичкиликтер уруулук топтору аскердик, экономикалык керектөөлөрдүн муктаждыгынан келип чыккан (Каратаев О.Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003). Чыгыш Түркстандын, азыры Кыргызстандын түндүк аймактарынын кыргыздарынын Фергана аймагы, андан ары Ташкент чөлкөмүнө массалык журт которуулары Жунгар хандыгынын кысымына (1635-1773\75) байланыштуу келип чыккан (караңыз:Губаева 1983, 83). Дал ушул окуялардан соң аймактагы жашаган кыргыздардын салыштырмалуу саны кескин көбөйүшү ыктымал. Ириде, Фергана өрөөнү жана анын тоо этектеринде кыргыздар байыртадан жашагандыгын белгилей кетүүбүз зарыл. Буга тарыхый булактар менен катар чөлкөмдө өтө жыш жайылган кыргыз урууларынын (уруктарынын) энчилүү аттары (этнотопонимдер) менен байланышкан топонимиялык аталыштар да мисал бало алары ырас.

Аймактын калкынын тарыхы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү негизинен төрт этапка бөлүп алууга болот. 1. XVIII к. аяк чендеринен XIX к. 60-ж. өрөөндүн Россия империясына каратылышы; 2. Фергана чөлкөмүнүн XIX к. 60-ж. 1917 ж. чейин, Совет доорундагы изилдениши; 3. Совет мезгилиндеги аймактын изилдениши; 4. Эгемендүүлүк доорундагы изилдөөлөр. Бул маалыматтар көбүн эсе өз учурунда мамлекеттик мекемелер жүргүзгөн статистикалык жана эл каттоолордун жыйынтыктарына таянылат.

Улуу географиялык ачылыштардын доорунда Орто Азияга, анын ичинде Фергана өрөөнүнө чет элдиктердин кызыгуусу арта баштаган. Алар аймактын калкы, салттуу маданияты, тилдери, жайгашуусу ж.б. боюнча маалыматтарды калтырышкан. 1812-ж. Кокон хандыгына британдык Уилям Маркфроттун тапшыруусу боюнча сапар тарткан индиялык чиновник Мир Иззетулла Фергана өрөөнү боюнча кеңири маалыматтарды берген. Автор Ош жана ага чектеш жайгашкан жерлерди кыргыздар, Араванда Бадахшандан көчүрүлүп келинген тоолук тажиктер, Анжиян атрабында (Миң-Тепе) кыпчактар жана түрктөр, Кувасайда кыргыздар жана калмактар жашарына назар салган (Губаева 2004, 7). Ал мезгилде өрөөндүн калкынын этностук түзүлүшү өтө контрастуу болгондугу менен айрымаланган. Мисалы, XVIII к. үчүнчү чейрегинде Жунгар хандыгы кулап, аман калган калмактар Орто Азияга, Фергана тараптан баш калка издей башташкан. Согуштук кагылышуулардын

www.bizdin.kg

натыйжасында калмактардын бир бөлүгү сүрүлүп, айрымдары отурукташа башташкан (История народов Узбекистана. -Ташкент, 1947. Т.II.-С.131). Хива хандыгынын аймагындагы ич ара согуштардан жана ачарчылыктан Фергана өрөөнүнө каракалпактардын массалык журт которуулары байкалган. Мындан сырткары, Бадахшандын тоолук тажиктери XVII-XVIII кк. чектеринде Фергана өрөөнүнө көчүп келе башташканы маалым. Ага Тоолуу Бадахшандын хандарынын өз ара чабыштары, ачарчылык негизги себептерден болгон.

Аймактын калкын географиялык, тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык (тилдик) жактан изилдөө иштери падышалык Россиянын тушунда демилгелүү жолгон коюлган болучу. Россия империясынын жергиликтүү башкаруучулары тарабынан крайды статистикалык жактан изилдөө жана тактоо иштери турмушка ашырыла баштайт. Статистикалык комитеттер "Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник", "Ежегодник Ферганской области","Статистические обзоры Ферганской области", "Материалы для статистического описания Ферганской области", “Список населённых пунктов Ферганской долины” ж.б. сыяктуу басылмаларда чөлкөмдүн калкы, улуттук, уруулук курамдары ж.б. өзгөчөлүктөрү боюнча маалыматтарды кагаз бетине түшүрүшкөн, калктын жайгашуу ареалдарын чагылдырган карталарды чийишкен. 1829-ж. Кокон хандыгынын элчилерин Санкт-Петербургдан коштоп келген Хорунжий Потанин аймактын калкы, чарбачылыгы тууралу маалыматтарды берген (Губаева 2004, 8). Тилекке каршы, бул доордогу маалыматтардын басымдуу бөлүгү эмпирикалык мүнөзгө ээ болгон, авторлор аймактын калктарынын тилдеринен, тарыхынан кабардар болушкан эмес. Аймакты изилдөөнү В.В.Вельямин-Зерновдун эмгектери жаңы денгээлге көтөргөн. Бул изилдөөлөрдө аймактын саясий-экономикалык абалын, чарбасын, чарбалык укладын тактап иликтөөгө дыкаттык менен мамиле жасалган. Эмгектерде чөлкөмдүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө иштери, Россия империясынын капиталист ишкерлеринин болочок товарларын сатып өткөрүү, сырьёлук жана арзан жумушчу күчтөрүнүн базсы катары кызмат өтөөсү такталган. Орто Азиянын, анын ичинде Фергана өрөөнү боюнча жүргүзүлгөн негизги эмгектерге А.Ф.Миддендорф, А.П.Федченко, Н.А.Северцов, И.В.Мушкетов, Н.А.Аристов, А.В.Буняковский, А.З.Валидов, А.Л.Кун, П.Е.Кузнецов, А.А.Кушакевич, Н.С.Лыкошин, А.И.Макшеев, В.П.Наливкин, В.А.Парфентьев, Н.Ф.Ситняковский, А.П.Хорошхин ж.б. белгилүү авторлордун изилдөөлөрүн кошууга болот. Аталган изилдөөчүлөр эмгектеринде Фергана чөлкөмүнүн кыргыздары, уруулук аталыштары, алардын курамы, жайгашкан аймактары, чарбалык уклады боюнча маалыматтар чагылдырылат. Бул маалыматтардын көпчүлүгү Орус географиялык коомунун (РГО) “Вестниктеринде”, “Труды”, “Записки”

www.bizdin.kg

сыяктуу жыйнактарда жарыяланып тургандыгы белгилүү. Өзгөчө, Н.Ф.Ситняковскийдин Фергана өрөөнүнүн чыгыш тарабында жашаган кыргыздар ("Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области", 1898-ж.) тууралу эмгегин белгилей кетүү абзел. Изилдөөчү кыргыздардын уруулук курамы, жайгашуусу боюнча бир кыйла маалыматтар менен толукталган эмгекти сунуш эткен. Мындан сырткары, Самарканд облусунун Хожент уездиндеги Чапкуллук (Чапкылдык) болуштугу боюнча маалымат берген Н.С.Лыкошиндин макаласын белгилөө зарыл. Автор кыргыздар жашаган Чапкуллук (кыргыздын чапкылдык уруусунун аталышы) болуштугундагы жашаган кыргыздардын, жер боюнча мамилелери, алардын аргасыз отурукташууга өтүүсү тууралу жазган (Самарканд,1906). Орто Азиянын тереңдетип изилдеген В.П.Наливкин жана колуктусу М.Наливкиналар (Казань, 1886) тарабынан жазылган “Очерк быта женщины туземного местного населения Ферганской долины” аттуу эмгекте Фергана өрөөнүнүн отурукташкан калкынын маданияты, тили, чарбалык уклады, социалдык алакалары, диний абалы ж.б. боюнча маалымат беришкен. Авторлор жергиликтүү тажиктердин (сарт) түрктөшүү процессин байкашканын белгилешет. Фергана өрөөнүндө, тоо этектеринде жашаган кыргыздар көчүп-конуп өз жашоолорун уланта беришкен. Британиялык сэр Томас Эдвард Гордондун орус тилине которулган эмгегинин “Крыша мира” аттуу бөлүгүндө Памирдин Кызыл-Арт деген жеринде Ферганадан жети жыл мурда көчүп келген 1000 түтүн кыргыз жана кыпчактарды жолуктургандыгын эскерген (Губаева 2004, 16). 1876-1877 жж. француз антропологу жана этнографы К.Уйвальфи казак, тажик, көчмөн өзбек, каракалпактар менен катар кыргыздар тууралу да жазган. Отурукташкан жана жарым көчмөн калктардын жайгашуусу боюнча маалыматтарды берген. Ал учурда ферганалык кыргыздар Түркстан генерал-губернаторлугундагы Фергана, Сыр-Дарыя облустарынын Ош, Анжиян, Наманган, Кокон, Маргелан, Скобелев (Фергана), Хожент уездеринин аймактарында жашашкан.

Самарканд облусунун Хожент уездиндеги жашаган калк жана кыргыздар боюнча этнографиялык маалыматтарды И.И.Зарубин “Население Самаркандской области. Его численность, этнографический состав и территориальное распределение” деген эмгегинде чагылдырылат. Хожент уездинин аймагынын бир бөлүгү географиялык жактан Фергана өрөөнүнө кирери белгилүү. Хожент уездинде кыргыздар Чакуллук (Чапкылдык), Бөксө, Сибирги ж.б. болуштуктарында турушкан. Кыргыздын белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмери Абдыкерим Сыдыковдун 1927-ж. Ташкентте жарык көргөн “Родовое деление киргиз” аттуу илимий эмгеги тарых илими үчүн учурда өз актуалдуулугун жогото элек. Автор кыргыздардын генеалогиялык ажырымын, алардын таралуу ареалы боюнча так

www.bizdin.kg

маалыматтарды берген. Мында, кыргыздын тунгуч жазгыч тарыхчыларынан болгон Белек Солтоноевдин кыргыз тарыхы, этнографиясы боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрүн белгилөө зарыл. XIX к. Фергана өрөөнүнүн калкы, кыргыздардын чарбалык уклады, социалдык алакалары К.Үсөнбаев, В.М.Плоских ж.б. эмгектеринде изилденген.

Орто Азия элдери Россия империясынын курамына киргенден кийин аймакка административдик башкаруунун жаңыча, россиялык системасы киргизиле баштаган. Отурукташкан, жарым көчмөн, көчмөн калктын жашаган жерлери статистикалык каттоолорго алынган, салык системасы, жер жана суу, жайыт пайдалануу ирээтке келтирилген, айылдар түзүлө баштаган. Падышалык чиновниктер жашаган калктын этностук өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүшүп, атайын жүргүзүлгөн эл каттоолордо калктын улуттук составын аныктап чыгышкан. 1897-ж. Россия империясында жана Түркстан генерал-губернаторлугунда алгачкы эл каттоо болуп өткөн. Түркстандын калкын тилчи адистердин кеңеши менен этностук өзгөчөлүгүнө эмес, тилдик айрымачылыктарына карата сурамжылоо жүргүзүшкөн. Деген менен, бул статистикалык сурамжылоолордо бир катар жаңылыштыктар кетирилген эле. Арийне, ошол кездеги кездеги Түркстандын тарыхый шарттарында тилдик өзгөчөлүктөргө карата улуттук өзгөчөлүктөрдү аныктоо татаал болгон. Өзгөчө сарттар менен өзбектердин, айрым фарси (тажик) тилдүү топтордун этностук айрымачылыктарын тактоо кыйындыкка турган. XVIII-XIX кк. Фергана өрөөнүндө сырттан көчүп келүүнүн эсебинен тажиктердин саны өсүп, алардын түрктөшкөн бөлүгүнүн отурукташкан сарттардан айрымалоо маселеси келип чыккан (караңыз: Абашин 2004, 58). Кыргыздардан башка Фергана өрөөнүндө сарттар (788 миң), өзбектер (153 миң), түрктөр (260 миң), каракалпак, кыпчактар, кашкарлыктар, тажиктер, монголдор жашаган. Ферганалык кыргыздардын саны бир маалыматта 202 миң, К.К.Палендин изилдөөлөрүндө 423 миң, Н.В.Турчаниновдун маалыматында 259 миң деп берилет. 1904-ж. Фергана облусунун калктары сарттар, кара кыргыздар, түрк-татарлар (орто азиялык түрктөр. –О.К.), өзбектер, кыпчак, каракалпак, кашкарлыктар, тажиктер сыяктуу сегиз эл жашары эң оболку ирет такталган. Статистикалык иштердеги кетирилген каталардан улам, ошол учурдагы эл катоолордун жыйынтыктары дайыма өзгөрүп турган. Мисалы, ферганалык кыргыздардын саны бирде “өсүп”, айрым маалыматтарда “азайып” турушу ал мезгилдин статистикасы үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон. “Ежегодник Ферганской области” басылмасынын 1901-ж. биринчи чыгарылышында 1899-ж. таандык статистикалык маалыматтар берилген. Бул малыматтар боюнча Фергана өрөөнүнүн жалпы калкынын 50% сарттар, 11 % тажиктер, 300 миң каракыргыз (кыргыздар), 170 миң кашкарлыктар ж.б. түзгөн (Абашин 2004, 61-62). 1924-ж. Түркстан ССРинин Статистикалык

www.bizdin.kg

башкармалыгынын “1917-1923 жж. Статистикалык жылдыгы” жарыкка чыккан. Башкармалыктын бөлүм жетекчиси болгон И.П.Магидович Фергананын калкынын улуттук курамы боюнча толукталган маалыматты берген. Анда мурда сурамжылоого кирбей калган Наманган жана Анжиян уездеринин көчмөн болуштуктарынын калкы маалыматтарга бириктирилгендиги баяндалат. Ош уездинин калкынын абалын тактоодо 1911 жана 1913 жылдардагы Отурукташтыруу комиссиясынын (Переселенческая управление) маалыматтары пайдаланылгандыгын эскерген. И.П.Магидович колдогу так маалыматтарга таянып:“...каракыргыздар (кыргыздар) бийик тоолордо башкалардан ыраак жашашкандыктардан өз кандарынын тазалыгын сактап калышкан”- деп жазат. Автор кыргыздардын уруулук курамы, оң жана сол канаттар (отуз уул), ичкиликтер уруулук тобу, кыргыздардын уруулук топторго карата жалпы санын келтирген (Абашин 2004, 73-74). 1897-ж. эл каттоо боюнча Наманган уездинин калкы (айыл калкы) түрк тилинде сүйлөгөн сарттар – 58,0%, тажиктер – 18,55%, кыргыздар – 7,17 % болсо, 1904-ж. маалыматтар боюнча сарттар тилинде сүйлөгөн калк – 63,38 %, кыргыздар – 21,46 % түзүп калышкан. Бул маалыматтар Арым, Чаткал, Суусамыр аймактарын кошкондон кийин келип чыккан. Кыргыздардын саны уезде 1897-1904 жж. аралыгында 59 миң адамга өскөн (Бушков, Зотова 2004, 115-116). Наманган уездине ал учурда бир өңчөй кыргыздар жашаган Арым, Багыш, Кызыл-Жар, Кырк-Уул, Саруу, Суусамыр, Чаткал, Баястан, Кутлук-Сейит болуштуктары кирген. 1904-1911 жж. Фергана аймагындагы жашаган калктардын этностук курамы боюнча берген маалыматтары так боло баштаган эле. Бул процесс мамлекеттик статистикалык мекемелердин иштеринин сапаты жакшыра баштаганын ырастаган.

Тактай кетчү маселе, “кыргыз-кыпчактар” жана “кулан-кыпчактардын” айрымасын тактап алуу зарыл. Фергана өрөөнүндө жашаган кыпчактар тууралу тарыхый булактар жана кийинки статистикалык жыйнактарда көп эскерилет. Алардын жалпы саны статистикалык жыйнактарда 40 миңден 60 миңге чейин экендиги эскерилет. И.П.Магидович ферганалык кыпчактарды кыргыздар жана каракалпактар менен чаташтырбоо зарылдыгын эскертет. Фергана өрөөнүндөгү кыпчактар “өздөрүн кыргыздардан жана өзбектерден айрымасы бар экендигин дайыма белгилешкен. Изилдөөчү кыпчактардын Кокон хандыгындагы ээлеген өзгөчө ролун белгилеп кетет (Магидович 1924, 43-45). Бул кыпчактар (кулан-кыпчактар) негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишип, бир бөлүгү отурукташууга, калган бөлүгү малчылык менен жашашкан. Кыпчактар негизинен шаарларга, калк жашаган пунктарга жакын жашашкан. Кулан-кыпчактар “кыргыз-кыпчактардан” айрымаланып, Дешт и-Кыпчактан Ферганага жер которгон этнос болгон. Алардын баары XX к. биринчи

www.bizdin.kg

чейрегиндеги эл каттоодо жана чек ара белгилөөдө бийликтер тарабынан “өзбек” катары катталышкан, өзбектердин курамына сиңип кетишкени белгилүү. Учурда Фергана өрөөнүндөгү (Өзбекстан тарабындагы) кыргыз урууларынын өкүлдөрүнүн негизги бөлүгүн кыргыздын кыпчак уруусунун өкүлдөрү түзөт. Кыргыздардын кыпчак уруусунун өкүлдөрү өздөрүн «кыргыз-кыпчактарбыз» деп аташат. «Кыргыз-кыпчак» эндоэтнонимдик термин кыргыздардын кыпчак уруусунун өкүлдөрү өздөрүн өзбектердин Дешт и-Кыпчактан ооп келип отурукташууга өтүшкөн «кулан-кыпчактардан» айрымалоо багытында колдонулган. Кыргыз-кыпчактар - кыргыздардын эң ири урууларынын бири, кыргыз этносунун курамына кирүүсү болжол менен X к. таандык. Бул уруунун өкүлдөрү кытайлык, тажикстандык (Мургаб, Жерге-Тал), афганистандык, чүйлүк, оштук, баткендик, жалалабаттык кыргыздардын курамынан кездешет. И.М.Зарубин “Список народностей Туркестанского края” (1925,-С.5.) аттуу статистикалык эмгегинде кыргыздар менен казактардын этностук айрымачылыктарын тактап келип, кыргыздарда кошуна казактарга салыштырмалуу этностук өзүн-өзү таануусу өтө бекем орун алгандыгын белгилеген. Ал эми өз алдынча этнос болгон, кыргыздарга кошуна жашаган курамаларда этностук өзүн таануусу начар сакталгандыгын жазат. Автор Ош уездинде 126 миңден ашуун кыргыздар жашарынан кабар берет. Бул маалымат булагы мурдагы статистикалык жыйнактарда 127,5 миң кыргыз калкы бар деген маалымат менен дал келбеген, Совет бийлиги орногондон кийин статистикалык маалыматтар так бериле баштаганын да чагылдырары ырас. Жогорудагы маалыматтар Анжиян жана Наманган, Маргелан, Хожент уездериндеги жашаган кыргыздарысыз келтирилгендигин белгилөө зарыл. Арийне, Фергана аймагы жана Орто Азиянын башка чөлкөмдөрүндөгү “эл каттоолордо” айрым ири этностор жоюлуп, саны аз этностордун аттары болсо негизги улуттук энчилүү аттарга айланган. Мисалы, 1921-ж. Ташкенттеги өткөн курултайда “уйгур” этнонимин эл аталышы катары калыбына келтиришсе, Ферганандын калкынын бир кыйла көпчүлгүн түзгөн түрк-фарси тилдүү сарттар, андан кийин курамалар, кыпчактар, кашкарлыктар (Чыгыш Түркстандан ооп келгендер), каракалпактар, арабдар, тажиктердин бир бөлүгү “өзбек” деген экзоэтнонимди кабыл алууга, өз тилдерин, маданияттарын унутууга мажбур болушкандыгын белгилөөгө болот. Отурукташкан түрк-фарси тилдүү калктарга жаңы энчилүү атты ыйгаруу боюнча иш-аракеттер тууралу Орто-Азияны изилдеген В.Маллицкий жазган. В.Маллицкийдин белгилөөсү боюнча бул “кыймылды самарканддык интеллигенттүү ишмер С.Лапин жетектеген”. “Интелигенттүү кыргыз С.Лапиндин ишмердүүлүгү астында 1890-ж. тарта Самарканддагы расмий документтерде “сарт” аты эскерилбей калган”. Демек, отурукташкан ж.б. калктарды “өзбек” аты менен менен атоо

www.bizdin.kg

пикири XX к. аяк чендеринен эле кеңири калыптана баштаган (караңыз: Абашин 2004, 83-84). 1926-ж. СССРде улуттук чек араларды тактоо менен бирге Бүткүлсоюздук эл каттоо жүргүзүлгөн. Орто Азияда, анын ичинде Фергана чөлкөмүндө жаңы этностук-маданий саясат ишке ашырыла баштаган эле. 1926-ж эл каттоонун маалыматтары боюнча Фергана өрөөнүндө 327 миң кыпчак (кулан-кыпчактар ж.б.) жашаган. Тарыхчы К.Ш.Шаниязовдун жазганы боюнча кыпчактардын жаңы түзүлө баштаган өзбек улутунун курамына кошулуусу абдан татаал процесс болгон (Шаниязов 1974, 68).

Ономастикалык маалыматтар да тарыхый кырдалды так чагылдырган булактарга кирет. Фергана өрөөнүнүн топонимиясында кыргыздардын ири уруу, саны анчейин көп эмес урук, топ аталыштары кеңири жайылган. “Список населенных пунктов Ферганы” (Скоболев, 1909, 34,35,52,53... беттер ж.б.) деген сататистикалык эмгекте кыргыздар жашаган айыл-кыштактар, турактар, айыл адамдарынын сандары так көрсөтүлгөн. Бир катар так маалыматтар Ферганананын этностору боюнча таанымал адис С.С.Губаеванын эмгектеринде кеңири чагылдырылган. Кыргыздардын Фергана өрөөнү боюнча жайгашуусу локалдуу мүнөзгө ээ болгон. Өрөөндүн түндүк жана чыгыш тараптарында оң жана сол канаттагы уруулар, иүштүк тарабында ичкиликтер уруулук тобунун өкүлдөрү жашашкан (Губаева 1983, 84). Алар төмөнкүлөр: басыз, мундуз, саруу, чоң багыш, кытай; оң канаттагы уруулар: жедигер, багыш, моңолдор, саяк; адигине уруулук тобуна (баргы, бөрү, жору, кара багыш) кирген уруулар жана мунгуштар өрөөндүн чыгышын байырлашкан. Ичкиликтер уруулук тобу: кыпчак, найман, тейит, кесек, төөлөс, жоокесек, каңды, бостон, нойгут, ават, оргу, төөлөс. Хожент уездине кирген Чапкылдык, Сибирги, Бөксө болуштуктарында кесек, тейит, кыпчак, ават, оргу, чапкылдык урууларынын өкүлдөрү жашашкан. Белгилей кетчү маселе, локалдуу жайгашкан кыргыз айылдарынын бир бөлүгү Өзбек ССРи, Тажик АССРлеринин курамына киргизилген. Мисалы, Фергана – Язъяван - Кува үч бурчтугунда бостон, каңды, найман, кыпчак, жоокесек урууларынын өкүлдөрү жашашат. Бул жерлерде Бостон (бир нече айыл-кыштактар), Найман (бир нече айыл кыштак), Кызыл-Кыпчак, Кыргыз-Кыпчак, Жоокесек, Будкачы (кыпчак уруусу), Чапкылдык, Дурманча (кыпчак), Торайгыр (кыпчак), Шабада (бостон) ж.б. сыяктуу кыргыздардын айыл-кыштактары бар (Губаева 1983, 84-85). Этнотопонимдер тилдердин жана маданияттардын тогошкон жерлеринде пайда болуусу илимде далилденген. Мисалы, оң канаттагы мунгуш уруусунун жайгашкан ареалын этнотопонимдер аркылуу байкоого болот. Мисалы, Жапалак, Тээке, Соколок, Эрке-Кашка, Улуу-Катын, Мангыт, Көк-Жатык, Кодогочун, Төлөйкөн, Жоош ж.б. айылдар бар. Өрөөндүн Өзбекстан тарабында Багыш, Кара-Багыш, Арык-Багыш, Үч-Багыш, Чоң-Багыш ж.б.у.с.

топонимикалык аталыштарды Араван, Асакеден Намангандын Янги-Курган району жайгашкан жерлерге чейинки аймактарда кездештирүүгө болот. Маргелан уездинен Кыдырша, Көклен (тейит), Тейит, Кара-Тейит ж.б. топонимдерден аймакта эзелтеден кыргыздын тейит уруусунун өкүлдөрү жашап келишкендигин байкоого болот.

1.2. Өзбекстандын аймагындагы кыргыздар жана алардын жайгашуу ареалы

Өзбекстандын бир катар чөлкөмдөрүндө жашаган кыргыздар аталган аймактардын түпкүлүктүү, автохтондуу калкы болуп саналат. Бул аймактарды байырлашкан кыргыздар оң, сол, ичкилик урууларынын курамдарына киришери маалым. Тагыраак айтканда, Өзбекстандын бүгүнкү Анжиян, Фергана, Наманган, Бухара, Самаркан, Сыр-Дарыя, Навойи, Жиззак, Ташкент облустары, Каракалпакстандын айрым аймактары кыргыз урууларынын орто кылымдардан көчүп-конуп жүргөн ареалы жана чарбалык-экономикалык, соода жүргүзүүдөгү зор мааниси бар, кыргыздардын согуштук-саясий таасири басымдуу аймактардан болгон.

Ириде, кыргыз уруулары аталган аймактардын этностук-маданий чөйрөсүнө, лексикасына өз таасирин тийгизишкен. Кыргыздардын аталган аймактардагы басымдуу этностук компонент экендигин бир катар энчилүү аттардан, анын ичинен жер-суу аталыштарынан да байкоого болот.

Кыргыздардын отурукташууга жана жарым отурукташууга өтүү процесси XIX к. орто чендеринен ургаалдуу мүнөзгө ээ боло баштаган. Жаңы калыптана баштаган маданий-этникалык, социалдык-экономикалык абал кыргыздардын чарбалык укладына да өз таасирин тийгизгени ырас. Бул тарыхый-этностук процесстердин кыргыздар жашаган бүгүнкү Афганистан, Кытай (Чыгыш Түркстан, Батыш Кытай), азыркы Кыргызстандын жана ага чектеш аймактарды (Фергана өрөөнү) Улуу Британия, Цинь Кытайы, Россия империясынын өз ара бөлүп алууларынын жыйынтыгы болгон. Натыйжада, кыргыз урууларынын Фергана, Зарафшан, Бухара, Самаркан ж.б. аймактардан бүгүнкү Чыгыш Түркстанга (Синьзянь, Батыш Кытай же Ички Азия), Түндүк Афганистан жана ага жамаатташ жерлерге кылымдар бою салт болуп калган сезондук көчүүлөрү же салттуу жер которуулары токтотулган эле. Жыйынтыгында, жүз миңдеген кыргыздар отурукташууга, жарым отурукташуу абалына өтүүгө аргасыз болушкан. Чарбалык укладынын түрлөрүн өзгөртүүгө мажбур болгон кыргыздар тажиктешүү, өзбектешүү процессине жапырт кабылышкан. Андан соңку Совет доорундагы ири чарбалардын түзүлүшү, колхоз-совхоздорго бириктирүү, тоонун элин түздүк жерлерге сүрүп отурукташтыруу, титулдук калктын санын (мисалы, өзбектерди) жасалма түрдө көбөйтүү, кадрдык ж.б.у.с. волюнтаристик саясаттын жыйынтыгы болгон.

- 1926 г. — 90 700 (эл каттоонун жыйынтыгы)
- 1939 г. — 89 000 (эл каттоонун жыйынтыгы)
- 1959 г. — 92 700 (эл каттоонун жыйынтыгы)
- 1979 г. — 142 200 (эл каттоонун жыйынтыгы)
- 1989 г. — 218 900 (эл каттоонун жыйынтыгы)
- 2000 г. — 231 864 (ошол жылкы баа берүү)
- 2010 г. — 250 000 (ошол жылкы баа берүү)

XX к. 90-ж. карата кошуна өлкөнүн аймагында расмий Ташкенттин статистикалык соңку жарыялаган маалыматтарына караганда 370 миңден ашуун кыргыздар жашары маалымдалган (караңыз: «Вечерний Бишкек», 25.02.2003). Мурдагы Совет доорундагы, андан соңку көз каранды эмес Өзбек Республикасындагы жүргүзүлгөн ар бир «эл каттоолордо»

кыргыздардын саны мурдагы расмий жарыя кылынган документтердеги маалыматтарга салыштырмалуу саны улам азайтылып көрсөтүлгөндүгү баарыбызга маалым. Расмий Ташкенттин акыркы маалыматтарында бул өлкөдөгү кыргыздардын саны Өзбекстандагы жалпы калктын 4 % азырагын (учурда өлкөнүн жалпы калкы 30 миллиондон ашуун адам) түзгөн. XIX к. экинчи жарымындагы айрым жазма булактарга, эл каттоолордун маалыматтарына таянсак, анда кыргыздар бул аймактардагы жашаган калктын негизги көпчүлүгүн. Мисалы, XIX к. аягындагы тарыхый-документалдык булактарда кыргыздар Фергана өрөөнүнүн калкынын басымдуу бөлүгү экендиги чагылдырылган. Ош уездинде кыргыздар жалпы жашаган калктын 98,85%, Маргалан уездинде 29,66%, Наманган уездинде - 25,73%, Анжиянда - 39,66%, Кокондо - 6,05% (136,66) түзүшкөн (Губаева 1991,74). Андан соңку даректүү тарыхый жазма маалыматтарга таянсак, 1913-жылга карата Анжиян уездинде – 117774, Кокон уездинде - 26421, Наманган уезинде - 120297, Ош уездинде - 143571, Скобелев (Фергана) уездинде – 87532 кыргыз жашаган. Жалпысынан алганда, кыргыздардын Фергана өрөөнүндөгү жалпы саны 495 595 адамды түзүп, андан соңку мезгилдерде кыргыздардын салыштырмалуу саны расмий ж.б. маалыматтарда кыскара баштаган (Койчиев 2001, 12).

Мындан сырткары, кыргыз этносунун бул аймактардагы санынын кыскарышы табигый, социалдык-экономикалык шарттардын, жайыттардын кыскарышы, кыргыздардын

бир бөлүгүнүн отурукташууга өтүүсү, XX к. 30-40 жж. коммунисттердин элди жапырт коллективдештирүүсү, кошуна жашаган сарт (фарси-тажик, түрктөшкөн тажик ж.б.), түрк, каракалпак сыяктуу калктар менен жуурулушуусу ж.б. процесстер негизги ролду ээлеген.

Учурда Өзбекстандын Кыргызстанга чектеш Фергана өрөөнүндөгү Анжиян областына караштуу Коргон-Төбө, Жалал-Кудук, Кожо-Абад, Булак-Башы, Айым, Мархамат ж.б. райондорунун административдик аймактарында кыргыздар эзелтеден компактуу, чогуу жашап келишет. Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабында, тагыраак айтканда жогоруда аты аталган чөлкөмдөрдө жашаган кыргыздар бүгүнкү Кыргызстан менен этностук-маданий, чарбалык-экономикалык, тууган-туушкандык жактан карым-катнаштары кеңири болгондуктан кыргыз деген этностук өзгөчөлүктөрүн сактап келишүүдө. Ал эми Ташкент, Сырдарыя облустарындагы кыргыздар казактарга чектеш, аралаш жашашат. Мектеп жашындагылардын көпчүлүгү казак мектептеринен билим алгандан улам, ал жердеги кыргыздарга казактардын руханий дүйнөсү, каада-салты өз таасирин тийгизген. Чаткал тоолору жана анын тоо этектеринде жашаган кыргыздар салттуу маданиятын, каада-салттарын таза бойдон сактап кала беришкен (Алымбаев А, 1990,4).

Үчүнчү топко Жиззак облусунун тоолуу райондорунда жашаган кыргыздар кирет. Бакмал, Замин, Достук райондорунда жашаган кыргыздар, алардын ичинен тоолуу аймактарда жашагандары эне тилин, каада-салттарын, нукура элдик маданиятынын

www.bizdin.kg

үлгүлөрүн сактап келишет. Жаштардын басымдуу бөлүгү кыргыз мектептеринде билим алышат.

Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караштуу бөлүгүндө жайгашкан Анжиян, Наманган, Фергана облустарынын административдик-аймактык курамдарына кирген кыргыздар жана алардын уруулук курамы тууралу маалыматтарга токтолсок төмөндөгүдөй этностук жайгашууну байкоого болот: Анжиян облусунун аймагында кыргыздын кыпчак, канды, бостон, мундуз, кыдырша, найман, кара багыш, мунгуш, бөрү, баргы, тейит, төбөй, кытай, багыш урууларынын өкүлдөрү мекендешет. Аты аталган уруулар кыргыздын ичкилик, он жана сол канаттарынын курамдарына киришет.

Фергана өрөөнүндөгү (Өзбекстан тарабындагы) кыргыз урууларынын өкүлдөрүнүн негизги бөлүгүн кыргыздын кыпчак уруусунун өкүлдөрү түзөт. Кыргыздардын кыпчак уруусунун өкүлдөрү өздөрүн «кыргыз-кыпчактарбыз» деп аташат. Кыргыз-кыпчактардын этностук өзүн-өзү таанып-билүүсү өрөөндөгү этникалык процесстердин татаал жүргөндүгүн чагылдырат. «Кыргыз-кыпчак» эндоэтнонимдик термин кыргыздардын кыпчак уруусунун өкүлдөрү өздөрүн өзбектердин Дешт и-Кыпчактан көчүп келип отурукташууга өтүшкөн «кулан-кыпчактардан» айрымалоо багытында колдонулган.

Өзбек Республикасынын Фергана облусунун аймактарын (Вуадил ж.б.райондор же Кыргызстандын Ноокат, Кадамжай, Баткен райондору менен чектешкен жерлер) негизинен кыргыздын ичкилик (Булгачы) урууларынын өкүлдөрү байырлап келишет. Аларга төмөнкү уруулар кирери такталган: жоокесек, кесек, найман, нойгут, кыдырша, кыпчак, бостон, канды ж.б.

Наманган областынын айрым аймактарын кыргыздын саруу, кушчу, моңолдор, саяк, сарттар, багыш, мундуз, кыпчак ж.б. урууларды өкүлдөрү компактуу түрдө байырлашат.

Аталган урууларды өкүлдөрүнүн бир бөлүгү Кытайдын Шинжаң Автономиялуу округунда жашап келишет. Кыпчактар кыргыздын башка урулары сыяктуу эле Чыгыш Түркстандан (XVII-XVIII кк), Фергана өрөөнүнүн (XVIII-XIX кк) саясий турмушуна өтө жигердүүлүк менен катышып келишкен. Наманган облусунун аймактарына Кыргызстандын Ноокен, Аксы, Ала-Бука райондорунун (Жалал-Абад облусу) жерлери чектеш жайгашкан.

Картадагы кызыл түс менен Өбекстандын Наманган облусу белгиленген

Фергана өрөөнү жана ага жамаатташ жерлерди, жайыттарды кыргыз урулары өзгөчө XV-XVI кк. чегинде өзгөчө ургаалдуу өздөштүрө башташкан. Бул аймактын ыңгайлуу табигый шарты, кенен жайыттары, отурукташкан, жарым көчмөн башка элдер менен соода-сатык алакаларынын зарылдыгынан улам, кыргыздар Жетисуу, Аулиеата, Талас, Кашкар, Алай, Каратегин, Кашкадарыя ж.б. жерлерден журт которуп келүүсү XX к. биринчи чейрегине чейин уланган (Губаева 1991,73). Мындан сырткары, Россия империясынын Цинь Кытайы менен чек ара маселелерин тактоосу кыргыздардын Чыгыш Түркстандан ж.б. жерлерден Фергана ж.б. аймактарга жылдык салттуу көчүүсүнө терс таасирин тийгизген. Тагыраак айтканда, XIX к. экинчи жарымынан көп кылымдык жер которуштурган көчүү багытына бөгөт коюлган эле. Жер иштетүүгө ыңгайлуу болгон көпчүлүк жерлер пахта ж.б. айыл-чарба талааларына айлантылган, сууга, жайытка ыңгайлуу жерлер Россия империясынын батыш жана борбордук аймактарынан көчүрүлгөн орус, украин ж.б. келгин дыйкандарга таратылып берүүсү да жайыттардын, кыштоолордун кыскарышына алып келген; бул процесс да кыргыздардын бир бөлүгүнүн отурукташуусуна шарт түзгөн (Каратаев 2013, 224). 1902-ж. «Фергана областынын жылбаяны» берген маалыматтарга

таянсак бул өрөөңдөгү 300 000 кыргыздардын 200 000 отурукташууга өтүп, жер иштетип, дыйканчылык менен кесиптене башташкан. Бул мезгилде кыргыздар саны боюнча Фергана областындагы калктардын ичинен отурукташкан сарттардан кийинки экинчи орунда турган (Губаева 1991, 76). «Сарт» - санскрит (байыркы индиялыктардын диний-ритуалдык тилдеринин бири) тилинде «соодагер» маанисин туюнтуп, көчмөн жана айрым көчмөн түрк элдери тарабынан отурукташкан, жер иштетишкен иран (фарси-тажик) тектүү, кийинчерээк түрктөшкөн калкка берилген энчилүү ат экендиги илимге эбактан белгилүү. Орус мамлекетинин атайын тапшырмасы менен келген аскер изилдөөчүсү Ч.Ч.Валиханов Фергана аймагында XIX к. көчүп-конуп жүргөн кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятына отурукташкан калктын тийгизген таасирин белгилеп, акыркылардын тили жагатай (чагатай) тилине жакындап калгандыгын белгилеген. Изилдөөчү бул кыргыздардын жер иштетип, кадыресе дыйканчылык кылгандыктарын эскерет (Валиханов Т.I,342). Түркстан крайын эсепке алган (ревизиялык) материалдарда Кокон уездиндеги Нойгут-Кыпчак волостундагы кыргыздар, сарттардын тилин (түрк-иран тили) өздөштүрүп, кыргыздардын диний жөрөлгө-адатынын ордуна мусулман шариятын кабыл алышкандыгы жана каада-салтта отурукташкан калк менен бирдей, окшош болуп калышкандыгы билгиленген. Арийне, мындай факт-материалдар отурукташкан жана көчмөн элдердин чарбалык-экономикалык, маданий чек аралары өткөн жерлерде арбын кездешери байкалат.

Картада кызыл түс менен Анжиян облусунун аймагы берилген

Ал эми, кыргыздардын тажик (иран) тилдүү сарттар менен кошуна жашоосу, биринчилердин (кыргыздардын) тилине жана каада-салтына тажиктердин тийгизген таасирин

www.bizdin.kg

белгилеген. Исфара жана Канибадам волосторунда отурукташууга өткөн кыргыздар ошол чөлкөмдөгү көп сандуу сарт-тажиктердин курамына жуурулушуп кеткен (Губаева 1991,79). Ошондой болсо да кыргыздардын башка элдерге жуурулуп кетүү процесси массалык мүнөзгө ээ болгон эмес. XIX к. отурукташууга жана жарым көчмөн абалына өткөн кыргыздар бүгүнкү күнү өз тилин, салтуу маданиятын жоготпой сактап келишет.

Орто Азия аймагында Совет бийлиги орногондон кийин чек араларды тактоо жана аны турмушка ашыруу бул аймактарды мекендеген кыргыздардын тагдырына да терс таасирин тийгизди. XX к. 20-30 жж. чек араны тактоо жана аны жөнгө салуу иштеринин жүрүшү кыргыздар жашаган бүтүндөй бир аймактардын Өзбекстан, Тажикстандын административдик-аймактык башкаруусуна баш ийип калуусуна, кыргыздардын андан аркы этностук өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизди. Мисалы, Анжиян областынын курамына кирип калган Ханабад, Жалалкудук, Коргонтөбө, Булакбашы, Мөнөк ж.б. волосторунун жашаган калкынын дээрлигин кыргыздар түзгөн. Анжиян уездиндеги отурукташкан айылдардын жалпы саны 201 кыштак болсо, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша алар төмөндөгүдөй абалда болгон: кыргыздар -138 айылды, өзбек жана сарттар – 38 айылды, орустар - 12, тажик - 1, түрк - 4, кашкарлык (уйгурлар) - 4, аралаш жашагандар – 4 айылды түзүшкөн (Койчиев 2001,45). Демек аймактагы калктын улуттук өзгөчөлүгүн эске албаган административдик-аймактык бирдиктерге бөлүү иши (1924-1927 жж.аралыгында жүргөн) өз учурунда СССРдин курамына кирген Кыргызстан жана Өзбекстандын ортосундагы өтө таатал этнотерриториялык талаш-тартыштарды пайда кылган. Албетте, бул багытта атайын иш алып барган комиссиялар бир катар чиеленген маселелерди чечүүгө аракеттенгендигин белгилөө зарыл. Бирок, маалым болгон архивдик ж.б. материалдардан улуттук-аймактык чек ара тактоолорунун жана анын жыйынтыктары кийинки Өзбек Республикасынын пайдасына чечилгендигин көрүүгө болот. Жыйынтыгында, татаал этнотерриториялык талаш-тартыштардын натыйжасында, Фергана өрөөнүнүн 50 өзбек, 14 сарт айылдары Кыргызстанга, 100гө жакын кыргыз, 28 кыпчак, 17 түрк, ондогон каракалпак, курама ж.б. айылдары Өзбекстандын административдик башкаруу аймагына өтүп калган (Койчиев 2001, 79).

Мисалы, бүгүнкү күнгө карата Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабында калган кыргыздар жашаган айрым айылдарда гана улуттук мектептер, маданий борборлор сакталып келет. Соңку 20 жылдан ашуун мезгилдин аралыгындагы коңшу өлкөнүн бул олуттуу улуттук маселеге толук көңүл бөлбөгөндүгү же андан таптакыр баш тарткандыгы ушул маселени ого бетер татаалдатып койду. Мындан сырткары, латын арибин кабыл алуу, иш-кагаздардын өзбек тилине өтүүсү Өзбекстандагы башка улуттардын этностук өз алдынча

өнүгүүлөрүнө чек койгондугун белгилөө зарыл. Учурда кошуна өлкөлөрдөн Кыргызстанга көчүп келип, атуулдук сураган кыргыздардын саны улам артып барууда.

Эгерде, кыргыздардын уруулук жактан отурукташуусуна көңүл бурсак, Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабындагы аймактарында негизинен кыпчак (Коргонтөбө, Айым, Жалалкудук, Ханабад ж.б. райондор), чонбагыш, нойгуттар (Кокон району), жоокесектер (Вуадил району), мундуз уруусу (Айым, Жалалкудук райондору), кара багыш, чоң багыш уруулары (Ханабад), найман (Ханабад, Жалалкудук, Вуадил, Мархамат ж.б.), кыдырша (Ханабад), саруу, моңолдор (Чуст, Касансай), тейит (Ханабад, Жалалкудук ж.б.), бостон (Мархамат ж.б.) ж.б. кыргыз урууларынын өкүлдөрү байырлап келишет.

Картада Фергана облусу жана Кыргызстандын аймагындагы Сох, Шахмардан анклавдары берилген

Кыргызтаануучу Абдрахман Алымбаев өткөн кылымдын 90-ж. Өзбекстандагы кыргыздарды түп кыдыра изилдеп, бир кыйла этнографиялык талаа материалдарын илим айлампасына киргизген. Анын берген маалыматында учурда Ташкент облусунда да бир топ сандагы кыргыздар жашап келишүүдө. Ташкент кыргыздары негизинен областын чыгыш тарабында, Чаткал кырка тоолорун ыктай жайланышкан. Алар анын Бөкө, Пушкин, Чыйырчык (Чырчык), Паркен, Орджоникидзе райондорунун Мискен, Чымген, Күмүшкен, Кабардан, Политотдел, Рават, XX партсьезд, Дарман деген жерлерде (мурдагы колхоз-

www.bizdin.kg

совхоздордун административдик аймактарында) жашашат (Алымбаев 1990,3). Болжол менен алганда, бул жердеги (Ташкент аймагы) кыргыздардын саны 25 миңге чамалап барат. Ташкенттик кыргыздар жалпы жонунан өздөрүн «чапкылдыктар» уруусунанбыз дешет. «Чап» - сол, «кол» - «сол колдогулар», «сол канаттагылар» деген маанини туюнтат. Чапкылдыктардын бир бөлүгү Баткен областындагы Лейлек, Баткен, Жалал-Абаттын Сузак райондорунун (Багыш айыл өкмөтү) аймактарын байырлашат. Чапкылдыктар кыргыз урууларынын генеалогиялык классификациясында ичкилик (Булгачы) уруулук тобуна киришери маалым. Мындан сырткары, ушул эле аймакта кыргыздын ават, оргу, нойгут сыяктуу уруулары жашашары аныкталган. Ошол аймактагы информаторлордун айтымында чапкылдыктардын тууган-тушкандары Анжиян, Кокон, Сүлүктү, Лейлек, Кызыл-Кыяда ж.б. жерлерде жашашат. Бул факт кыргыздардын Фергана аймагынын чөлкөмдүк ич ара миграциясын чагылдырары бышык.

Жергиликтүү информаторлордун айтымдарында ташкендик кыргыздар мындан бир топ жылдар илгери Чаткал кырка тоолорунун батыш капталынан орун алган Нуреката, Аксаката деген жаратылышы өзгөчө кооз жерлерде жашашыптыр. Уламыш боюнча Нурек-Ата, Аксак-Ата, Берки-Ата, Көк-Терек-Ата, Көк-Ата, Ак-Билек-Ата, Арап-Ата – жетөө тең бир атанын балдары экен. Бул жерлер илимий адабияттарда жалпысынан Алтын-Бел аймагы деп аталары маалым.

Сыр-Дарыя кыргыздары негизинен Сыр-Дарыя, Жиззак облустарынын аймактарында жашашат. Бул чөлкөмдө кыргыздын ичкилик уруусуна кирген тейит, кесек урууларынын өкүлдөрүнүн бир бөлүгү турушары маалым. Алардын жайгашкан жерлери XX к. орто чендеринде түзүлгөн Заамын, Бакмал, Достук, Ильич райондорунун аймактары. Тейиттердин уруулук курамы жергиликтүү информаторлордун берген маалыматтарында төмөндөгүдөй

бутактарга бөлүнөт: бай тейит, сары тейит, кара тейит, жаман тейит, ак чал тейит, жуман тейит, кыпчак тейит, хан тейит, кесек тейит ж.б. (Алымбаев 1990,3)

Сырдарыялык тейиттердин уруулук курамы Лейлек, Каратегин кыргыздарындагы тейиттердин уруулук курамы менен толук дал келет (караңыз: Маанаев 1969, 15). Бул факт тейиттердин өтө кенен ареалдагы таралуусун чагылдырат. Тейиттердин айрым бөлүктөрү Түндүк Афганистан жана Кытайды (Чыгыш Теңир-Тоо) байырлашары жөнүндө даректүү маалыматтар бар (Абрамзон 1959, 167).

Бай тейиттер жөнүндө төмөндөгүдөй ылакап кеп бар: «Кутукенин баласын мылтык берип зоого кой, Абай менен Манакты мандайлашкан жоого кой, Кашкаларды чечилбес кара доого кой, Кутаалынын жигитин чалкалатып ашка кой же болбосо, чара мене башка кой» (Алымбаев 1990,3).

Жиззак облусунун картасы. Замин, Бакмал райондорунун аймактары

www.bizdin.kg

Сырдарыялык кесектер негизинен бай кесектер (бай кесек - кесек уруусунун эң ири уругу) деп аталышат. Айрым информаторлор аларды тейиттерден таратышат. Бирок, бул көз караш далилдөөнү талап кылат. Кесек - кыргыздын ичкиликтер уруусунун курамындагы эң кеңири тараган урууларды бири. Сырдарыялык кесектер - 12 уруктан турушат. Алар төмөнкүлөр: чүчүк, тагайберди, кызыл аяк, кара кесек, кара молдо, сибирчи, таздар, бөксө, ават, найман, чапкылдык, чувулдак. Бул кесектердин урулук курамы Баткен, Лейлек, Каратегиндеги кесектердин уруулук курамынын аталышы менен толук дал келет. Кесектер – Чыгыш Түркстанда да бар экендиги маалым (Абрамзон 1959, 167). Демек, аталган кеңири аймактардагы кыргыздардын этностук негизи бир дегенге толук негиз бар. Ташкенттиктерден айырмаланып, Сырдарыялык кыргыздардын негизги бөлүгү тоо аймактарында жашайт. Ошондуктан, аларда тил, нукура улуттук каада-салттар тазараак сакталган. Элдик уламыш, легенда, ал турсун устачылык (темир уста) өнөрү да жоголгон эмес.

1.3. Кытайлык кыргыздар жана алардын жайгашуу ареалы

Кыргызстандын эң ири, күч-кубаттуу кошуна өлкөлөрүнүн бири – Кытай Эл Республикасы. Бул өлкө менен Кыргызстанды өтө тыгыз экономикалык-чарбалык, маданий-соода, геосаясий алакалары байланыштырат. Географиялык жактан Чыгыш Түркстан (Синьцзян - Батыш Кытай, Ички Азия) деп аталып калган бул кенен аймакты, ага чектеш жерлерди кыргыздар эзелтеден мекендеп келишери илимде эбактан маалым. Азыркы учурда Чыгыш Түркстан аймагы түндүгүнөн Теңиртоо, түштүгүнөн Куэнь-Лунь, батышынан Гималай тоолору, Афганистан, Памир-Алай тоолору менен чектешет. 1949-ж. 1-октябрда Кытай Эл Республикасынын түзүлгөндүгү жарыялангандан соң, бул жерлер аталган өлкөнүн юрисдикциясына толук карап калган. Кошуна өлкөнүн кыргыздары – «кытай кыргыздары» же «кытайлык кыргыздар» деп аталат. Айрым илимий адабияттарда «Чыгыш Түркстандын кыргыздары» деген аттар менен да белгилүү. Жогорудагы аталган кенен аймактарда кыргыздардын эл болуп калыптануусунун, этностук тарыхынын негизги, өзөккү этаптары жүргөн. Бул өлкөдөгү кыргыздар КЭРдин Синьцзян автономиялуу районунда негизинен компактуу жашашат.

Чыгыш Түркстандын (Чыгыш Теңир-Тоо) кыргыздары аймактагы жашаган 13 тилде сүйлөгөн калктардын саны жагынан алганда эң ирилеринин бири. 2010-ж. КЭРдеги эл каттоонун жыйынтыгында кыргыздардын саны 190 миңге жакын экендиги көрсөтүлгөн.

Анын 30 миңден бир аз ашыгы автономиядан сырткары жайгашкан аймактарда турушат. Кыргыздар өз алдынча «Кызылсуу Кыргыз автономиялуу району» деп аталган аймактык-административдик өзүн-өзү башкаруу макамына 1954-ж. 14-июлунда ээ болушкан. Автономиядагы калктын басымдуу бөлүгүн (63 %) уйгурлар түзөт. Эне тилинде жарык көргөн гезит-журналдар, илимий басылмалар, китептер, мектептер ж.б. маданий-агартуу очоктору кытайлык кыргыз калкынын муктаждыктарын толук камсыз кылып турат. Араб арибиндеги кыргыз тилдүү басылмалары XX к. 60-70 бери карай байма-бай жарык көрүп келет. Бул багытта кытай өкмөтүнүн улуттук азчылыктар боюнча жүргүзгөн саясатын, кам көрүүсүн белгилей кетүү зарыл. Кыргыздар Кытай Эл Республикасында (1949-ж. 30-октябрында КЭР жарыяланган) жашаган 54 улуттун бири (Каратаев 2013, 245).

КЭР.Синьцзян Автономиялуу району. № 12-белги менен Кызыл-Суу Кыргыз автономиясынын административдик аймагы көрсөтүлгөн

Мындан сырткары, Түндүк Шинжаңда (Синьцзян – «жаңы чек, ээлик» маанинсин туюнтат), же Иле-Казак областынын Текес районунун Көктерек айылында 2 миңдей, Шаты - айылында 2 миңдей, Жамансуу айылында 1,5 миңдей, Ташкоргон Тажик автономиялуу районунун Көкжар, уйгурлардын Гума районунун Кеңкыр айылдарында да кыргыздар бар.

Кыргыздардын айрым бөлүктөрү Үрүмчү, Кашкар, Пекин ж.б. шаарларда, райондордо жашашат (Макелек Өмүрбай. «Кыргыз туусу», 2003, 25-27 март).

Ал эми кыргыздардын географиялык жайгашуусу түндүктөгү Куча шаарынан түштүккө карай Каралаш дарыясына чейинки аймакты кучагына камтыйт XX к. баш чендеринде Куэн-Лундун алыскы тоолорунун ичинде кыргыздардын негизги бөлүгүнөн ыраак жайгашкан “кыргыз-кыпчактар” же өздөрүн кыргыздын кыпчак уруусуна таандыкпыз деген көчмөндөрдүн тобу катталган (Абрамзон 1990, 33). Айрым информаторлор Тибет тарапта да кыргыздар бар экендигин белгилешкен. Бул маалыматты таанымал географ А.В.Станишевскийдин Ладакта (Тибетте) 1000 чамалуу (XX к. 50-жылдарындагы маалыматтар боюнча) кыргыздар жашайт деген фактысы менен бекемделет (Абрамзон 1959, 330). Тибетке ыктай байырлашкан сары уйгурлардын (угурлар), Лоп көлүнүн айланасын байырлаган лоптуктардын (лобнорлуктар) байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын бир бөлүгү экендиги да илимде далилденип келе жатат.

Кызыл-Суу кыргыз автономиясынын райондору: 1.Артыш шаардык уезди. 2. Актоо уезди. 3.Акчий уезди. 4.Улуучат уезди

2012-ж. кыргызстандык Айбек Байымбетов жетектеген топ Шинжандагы Каргалык шаарынан 360-400 км. аралыкта, Тибетте жашаган кыргыздарга жолугушканы илимий чөйрөгө маалым. Демек, жогорудагы келтирилген так маалыматтар кыргыздардын жайгашкан аймагынын мурда белгилүү болгондон да кенендигин дагы бир ирет ырастайт. Куэнь Лунь тоолорунун түштүк этегинен Раскем дарыясы агып өткөн өрөөнгө чейинки

жерлерде жергиликтүү кыргыздардын айтымында 3 минден ашуун кыргыздар жашашат. Алар ата-бабалары бул аймактарда байыртадан эле жашашарын, Кызылсуу тараптан келбегендерин белгилешкен (караңыз: www.kmb3.kloop.kg/index.php/tag/ tibettik-ky-rgy-zdar). Тибет кыргыздары өздөрүнүн белгилегендерине караганда кыргыздын ичкиликтер уруулук тобуна кирет. Кыргыздар Тибеттин тоолуу, катаал шарттарында мал чарбачылыгы менен күн көрүшөт. Төрт түлүктөн кой-эчки, кара мал, топоз кармашат. Кытай өкмөтү тоолук кыргыздар үчүн атайын заманбап тамдарды салып жаткандыгына келген кыргыздар күбө болушкан.

Айбек Байымбетовдун сүрөтү. Тибет. 2012-ж.

Ички Азия аймагында кыргыздар эзелтеден байырлап келишкендигин илимий тыянактар да ырастары шексиз. Изилдөөчүлөр кыргыздар этникалык составы боюнча азырк ы учурга чейин уруу-урукка бөлүнүү тартиби менен жайгашышып, аларда урук, уруу же «бир атанын балдары» деген ата салты толук өкүм сүрөрүн белгилешет (Маанаев 1969, 27).

Чыгыш Теңир-Тоодогу (Чыгыш Түркстандагы) кыргыздардын уруулук курамы жергебиздеги жашаган башка кыргыз урууларынын генеалогиялык ажырымы, схемалары менен толук дал келет. «Эгерде Чыгыш Түркстанда жашаган кыргыздарды этностук курамы боюнча башка жердеги жашаган кыргыздар менен салыштырсак, анда алар эки чоң топко

бөлүнгөндүгүн байкайбыз. Биринчи топко, Аксуу өрөөнүндөгү жашаган кыргыздар, Текестеги кыргыздар жана Кашкар округундагы чоң багыш менен кушчулар (кутчулар) кирип, алар Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган кыргыздар же оң, сол канаттын уруулук топторуна киришет. Экинчи топко: Кашкар, Хотан округундагы кыргыздар, негизинен Тажикстандагы Тоолуу Бадахшан аймагынын (Чыгыш Памир) кыргыздары, Түндүк Афганистан жана Кыргызстандын түштүгүндөгү айрым уруулар менен этностук биримдикти түзгөндүгүн көрөбүз (Маанаев 1969, 27-28).

Тибеттеги кыргыз айылы. А.Байымбетовдун сүрөтү. 2012-ж.

Бул аймактарда кыргыздардын курамын оң, сол, ичкилик (Булгачы) же кыргыздын үч канатына тең таандык уруулардын өкүлдөрү түзүшөт. Оң канат кыргыз уруулары: адигине, бугу, мунгуш, черик, сары багыш, солто; Сол канат кыргыз уруулары: басыз, кушчу, саруу, мундуз, чоң багыш; Ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобу: найман, кыпчак, тейит, кесек, бостон. Мындан сырткары, кыргыздар менен этностук жалпылыгы илимде далилденип келе жаткан лобнорлуктар, долондор, калмак-кыргыздар, катагандар, уйгурлашкан кыргыздардын топтору, алардын этностук башаты, теги өз алдынча иликтөөлорго арзыйт.

Кытайдагы жашаган кыргыздардын эң ирисин кыпчак уруусунун өкүлдөрү түзөт. Алар тогуз кыпчак, товур кыпчак, кан кыпчак деген ири уруктардын курамына киришет. Кыпчактар Кашкар шаарынан батышты көздөй созулуп жаткан Айыг-Арт, Арча-Бел, Чимген, Бостон-Теректе, Жаңы-Гиссар шаарынан түштүккө карай Чумбус, Кен-Кол, Чаарлын, Кароол,

Гыджек деген жерлерде турушат (Абрамзон 1959, 334; Маанаев 1969, 26-27). Ал эми наймандар болсо Жаңы-Гиссар шаарынан түштүк тараптагы Кызыл-Тоодо, Тоюнлук, Чымген, Там, Арпалык, Сөгөт, Капка, Сарай, Кайыз деп аталган өрөөндүү (Көктү аралы) жерлерди, Ойтаг, Гез деген аймактарды мекендешери маалым. Наймандардын бир бөлүгү Сары-Кол ашуусуна туташ жерлерди (Чыгыш Памири) байырлашат. Ошону менен бирге, найман уруусунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү Жай-Терек, Жайылган деген айылдарды негиздешип, отурукташууга өтүшкөн, дыйканчылык менен кесиптенишет.

Улуучат. Кызылсуу кыргыз автономиясы

Тейиттер да көп сандуу кыргыз урууларынын бирине киришет. Кыпчак, кесек, найман, канды, оргу, ават, жоокесек, бостон ж.б. ичкилик (Булгачы) урууларды таралып, жайгашуу абалы өтө зор, кеңири географиялык алкакты кучагына камтыйт. Тейиттер жана аталган урууларды өкүлдөрү бир эле учурда Чыгыш Түркстан (Чыгыш Теңир-Тоо), Кыргызстандын түштүгү, Өзбекстан (Фергана өрөөнү, Ташкент, Сыр-Дарыя, анын ичинде Заамин, Бакмал райондору), Тажикстан (Жерге-Тал, Шаартуз, Нау, Исфара, Мургаб), Афганистандын түндүк-чыгыш (Вахан коридору) аймактарын байырлап келишет. Тейиттер Кашкар шаарынан (Кытай Эл Республикасы) батышка карай Бөрү-Токой, Кызыл-Суу капчыгайларын, Жаңы-Гиссардан батышка Кара-Таш жана Кызыл-Суу дарыяларынын оң жак жээктерин байырлашат, Жаңыгиссардан түштүккө Кан-Терек, Чимген, Чумбус дарыясынын агымына карай Созусай, айрым бөлүктөрү болсо Сарыколдогу Ташкоргон, Каракол, Суубашы деген жерлерди мекендешери аныкталган (Абрамзон 1959, 335). Изилдөөчүлөр тейиттерди эң

байыркы уруулардын бири катары эсептешип, VIII к. эле Чыгыш Түркстанга отурукташкан деген пикирде. Айрым маалыматтарда тейиттер ошол арабдардан (VIII к.) бөлүнүп чыккан «таит» деген уруулардын урпактары болушат (Маанаев 1969,14). Арийне, бул илимий пикир да тактоолорго муктаж экендигин белгилей кетүү зарыл.

Белгилей кетчү маселе, Актоо ооданында жашаган кыргыздардын уруулук курамы Мургабдык (Тажикстан) жана Улуу Памир, Кичи Памирлик (Афганистан) кыргыздар менен этногенетикалык жактан толук дал келет. Бул үч өлкөнүн аймагына бөлүнүп калган кыргыздардын локализациясы да Памир тоолору аркылуу өтөрү маалым. Кытайлык кыргыз изилдөөчүсү Мамбеттурду Мамбетакун мындай деп жазат: «Чет элдик саякатчылардын элибиздин Актоо жергесиндеги, Каргалыктын Санжу, Хотендин Кеңкыр, андан башка Ой-Тоо, Опол, Бөрү-Токой, Бостон-Терек багытындагы кыргыздардын уруулук курамы жана жайгашкан жерлери жөнүндө анык жаза албагандыгын туура түшүнсөк болот. Ак-Тоо ооданы Памир чөлкөмүнө таандык негизги оодандардын бири болуп, 2000-жылкы эсеп боюнча кыргыздардын жан саны 43 миң 370 адам. Оодан эки базар, 11 айыл, 105 кыштакка бөлүнгөн. Ак-Тоо ооданынын түндүгү Улуучат, Көөнө шаар оодандары менен, чыгыш түндүгү Йопурга, Жаңы-Шаар менен, чыгышы Жаңысар, Жеркен менен, түштүгү Таш-Коргон менен, батышы жана батыш түштүгү Кыргызстан жана Тажикстан менен чектешип, жалпы аянты 239 миң чарчы метр. Чет мамлекет менен болгон чегара сызыгы 300 километр болуп, анын ичинде али такталбаган чекара сызыгы 170 километрди түзөт» (Мамбеттурду М. Памир-Алай кыргыздары жана алардын уруулук бөлүнүшү, 2000-ж.).

Улуучат шаарынын бир көрүнүшү. Кызылсуу Кыргыз автономиясы

www.bizdin.kg

Изилдөөчү андан ары мындай деп жазат: “Жогорку мааламаттарга кошумча катары өзүбүздүн 2004-жылы Памирге жасаган текшерүүбүздө чогултулган маалыматарды ар кимдин эсинде калган, бир системага келтирилип жыйнакталбаган уруу аттарын тизип көрсөтсөк да бир кыйла маанилүү болот деп ойлойбуз. Таш-Коргон Тажик автоном ооданына караштуу Көкжар кыргыз улуттук айылынын тургундары кыпчакка тейит, кесек деген эки урууну кошот да, Көкжардагы уруулар машкө, отунчу, бостон, карасаадак, кызыл аяк, кочкор уруктары ; Пейик деген жерде сейтмат, бөрү, найман, кара тейит, кыдыршаа уруктары бар, ырчылардын көбү бостон уругунан чыгат. Бостондор жаңы бостон, молой бостон, сарбашыл бостон деп үчкө бөлүнөт деп айтышты. Актоо ооданы Можу айылындагы элдик өнөрпоз Калбай Жетимиштин айтуусунда, Можудагылар мурза наймандар болуп, алар жалпы жонунан “найман” деп аталып, алты урукка бөлүнгөн: кайыскак, кызыл тайча, тору, күрдү, жээрде, кий найман. Мунун ичинде, кайыскактар жайыл, кайыскак деген уруктарга; торулар тору, туру, тору айгыр, шаймак деген уруктарга бөлүнгөн. Элдердин айтымында кийин Памирге келип калган уруктар “бооз уругу” менен “чоң чарык” уругу болгон. Калбай Жетимиш чоң найманды жетиге бөлүп, анын алтысынын атын айтып берди. Алар төмөнкүлөр: мурза найман, ки найман, көн найман, бөө найман, бугу найман, жоон бут найман. Аталган өнөрпоз кыпчактарды таз кыпчак, сарт кыпчак, кан кыпчак дегендей жетиге бөлүнөөрүн эскерди. Бүгүнкү Памир кыргыздарынын эс сактамында уруулардын санжыра боюнча сүрүлүү түшүнүгү солгундап кеткендиги анык эле байкалат” (Мамбеттурду М. 2008).

Кытайлык кыргыз кыз-келиндеринин кийимдери

Кесек уруусунун өкүлдөрү Пас-Рабат, Кен-Кол, Тагарма капчыгайларын байырлашат. Жогорудагы аталган уруулар өздөрүн ичкиликтер уруулук тобуна кошушат. Кытайлык кыргыз тарыхчысы Анвар Байтур Кара-Шаардын түндүк тарабындагы Чоң Жылдыз деген жайлоолорду кыргыз уруулары мурдатан эле ээлеп, уйгур хандыгы менен Чагатай хандыгын байланыштырып турган деп белгилеген. Кыргыз уламыштары боюнча Эсенбуканын доорунда бир топ кыргыз уруулары Жылдыз жайлоосуна көчүп келген (Турдуева 2001,17)

Кыргыздын сол канатына кирген чоң багыштардын салыштырмалуу саны башка урууларга караганда бир кыйла көптүк кылат. Чоң багыштар Теңир-Тоонун түштүк тоо кыркалары тарабында, Тоюн дарыясына туташ өрөөндөрдө, Чакмак, Терек, Майдан капчыгайларында, Кашкар шаарынан түндүк-батыш тараптагы Кызыл-Ой, Канжуган, Жыгач-Арт, Кавагатты, Оксалыр деген жерлерди мекендешет (Абрамзон 1959, 335). Чоң багыштар менен мундуз, сары багыш, дөөлөс, чериктер аралаш турушары маалым. Кыргыз уруулары жайгашкан жана ага чектеш аймактарда кыргыз тилиндеги жер-суу аттарынын жыш учурашы кыргыздардын бул чөлкөмдөгү түптүү эл экендигин дагы бир ирет чагылдырары бышык. Чагатай урпактарынын дооруна таандык маалыматтарга караганда, Кашкар, Жаңы-Гиссар, азыркы Ак-Тоо району жана Жаркен тараптарда тогуз кыпчак, сарт-калмак, найман, чоң

багыш, балыкчы, итарчы, мунгуш, сары багыш, кесек, тейит уруулары; Ак-Суу, Үч-Турпан, Акчий тараптарда - сары багыш, төөлөс, черик, бугу, мундуз, кушчу, Иле өзөнүнүн баш агымындагы райондордо - бугу, мундуз, адыгине, сары багыш уруулары жашаган (Турдуева 2001,18).

Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп Мамай

Кашкар округундагы кыргыздардын бир кыйла бөлүгүн кушчу уруусунун өкүлдөрү түзөт. Кушчулар Жайдөбө, Бычан, Инген, Шейит, Жейрен-Булак ж.б. жерлерде турушат. Кыргызстандын чек арасын туташ чөлкөмдөрдөгү Кызыл-Суу дарыясына туташ өрөөндөрдө, капчыгайларда, аталган дарыялардын куймаларында (Сымкана, Сары-Булак, Токой-Башы, Эттик, Сакал, Жыйгын, Жойулган-Суу, Улуучат деген жерлерде) мунгуш уруусунун курамына кирген жоош уруктарынын өкүлдөрү байырлашат. Жооштордун негизги бөлүгү Ош облусунун Кара-Суу районунун аймагында (Ош шаарын курчай жайгашышкан) турушары маалым. Кара-Терек (Чыгыш Теңир-Тоо) дарыясынын өрөөндөрүндө адыгине уруулук тобуна кирген жору уруусунун өкүлдөрү жашашат. Кыргызстандагы жору уруусунун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Кара-Кулжа, Алай, Өзгөн райондорунда жашашары малым (Каратаев 2013, 250).

Аксуу округун черик жана кушчу урууларынын өкүлдөрү байырлап келишет. Чериктер Акчий, Карачий, Жалаңчий, Кара-Булак, Сары-Булак, Кызыл-Күмбөз, Ак-Бейит, Кызыл-Аң, Кулансарык, Үч, Акөтөк, Жамансуу деген жерлерде турушат. Кушчулардын (кутчу) ®опчүлүгү чериктер менен, айрымдары Башчакма, Сапарбай, Кара-Теке капчыгайларын байырлашат. Боздөң деп аталган жерде бугулар, дөөлөс, саяк урууларынын өкүлдөрү

www.bizdin.kg

жашашат (Абрамзон 1959, 335). Кушчулардын басымдуу бөлүгү Талас, Жалал-Абаттын Ноокен, Базар-Коргон, Сузак райондорун байырлашары маалым. Дөөлөстөр Ноокат, Жети-Өгүз райондорунда, саяктар Тогуз-Торо, Нарын, Кочкор, Суусамыр ж.б. аймактарда турушат.

Кытайлык кыргыз профессору, тарыхчы жана тилчи Мамбетакун Мамбеттурду

Каратеке деген жерде мундуздар байырлашат. Мундуздардын негизги бөлүгү Сузак, Базар-Коргон, Жалал-Кудук (Өзбекстан), Нарындын айрым жерлеринде, Ысык-Көлдө турушат. Ушул эле Ак-Суу округунда сары багыш, чоң багыш, кара багыш, кыпчак урууларынын өкүлдөрү жашашары такталган. Ал эми, Бая тоосунан түндүккө карай жерлерде сары багыштардын «калмак» уруусу турат (Абрамзон 1959, 336). Чоң багыштар Карашаар, кыпчактар болсо Кара-Бак жана Жаңы-Арыкты мекен кылышат. Сол канатка кирген чоң багыштардын көпчүлүк бөлүгү Кытайда, ал эми кыпчактардын негизги бөлүгү, тескерисинче Кыргызстан (Баткен, Жалал-Абат, Ош, Чүй аймактары), Өзбекстан (Анжиян, Наманган, Фергана облустары), Тажикстан (Жергетал, Мургаб райондору), Афганистанды (Чоң Памир, Кичи Памир багыты) мекендеп келишери маалым. Жайгашуу ареалына баам салганда кыпчак уруусу кыргыздардын ичинен салыштырмалуу көп сандуулугу менен байкалат.

www.bizdin.kg

Или округунда кыргыздардын басымдуу бөлүгү Текес дарыясынын жана ага куйган суулардын өрөөндөрүндө турушат. Бугу уруусунун өкүлдөрү бул аймактагы басымдуу көпчүлүктү түзүшөт. Мындан сырткары, бул аймакта оң канатка кирген солто, сарыбагыш урууларын өкүлдөрү да байырлашары байкалган. Бугулар Көк-Суу, Акыяз, Көк-Терек, Ак-Терек ж.б. жерлерде турушары маалым. Айрым маалыматтарда Чоң жана Кичи Жылдыз өрөөндөрүндо (Күнөс-Суусу) да кыргыздар жашашат, тилекке каршы, алардын тилдери, маданияты, каада-салт жана расмилери дээрлик уйгурлашып калган. Хотан округуна караштуу Куэн-Лундун тоо этектериндеги Кулансарык, Санжу ж.б. жерлерде найман, тейит, кесек, бостон уругунун өкүлдөрү бир аздап кездешет.

Чыгыштан батышка карай узундугу 500, түндүктөн түштүккө карай 140 чакырымдай келген Шинжан аймагы кыргыз этносунун калыптануусунун негизги этаптары жүргөн этностук-маданий аймак болуп эсептелет. Маселен, атактуу эпикалык баатыр Жаңыл-Мырза чыккан нойгут уруусу XIX к. чейин эле Лобнор аймагында көчүп-конуп жүрүшкөн («Манас». Энциклопедия. Т.I, 129). Жазма маалыматтар, фольклор, топоникалык ж.б. этнографиялык материалдар кыргыздарын Батыш Кытайдагы ээлеген ареалы бүгүнкү жашап жаткан аймактан алда канча кенен болгондугун чагылдырат. Кыргыздардын байыркы Ата Журтунун бири, этностук бир мекени болгон Үчкуштай, Жылдыз, Күнөс, Манас шаары ж.б. жерлерди учурда кыргыздар мекендешпейт. Бирок, аймактагы отурукташкан калктын олуттуу бөлүгү өздөрүнүн тегинин кыргыз болгондугун эскеришет (Абрамзон 1990,70). Бүгүнкү күндөгү Ават, Кула, Меркит, Актачы, Бостон, Терек, Оргу, Кызылаң, Кулансарык, Каратеке, Сакал,

www.bizdin.kg

Сарай, Сөгөт, Гыджек, Кароол, Товур ж.б. топонимдер Кыргызстанда уруу (урук) аттары катары маалым.

Каңды уруусунун курамында «алашан» аттуу ири урук бар. Этностук аталыш Батыш Кытайдагы жердин аталышына байланыштуу келип чыккан. Учурда Алашань - Батыш Кытайдагы тоо кыркаларынын аталышы катары белгилүү (Владимирцев 1939, 71). Кагазды - кушу уруусундагы ири уруктарды биринин аталышы катары маалым. Этноним бир эле учурда Чыгыш Түркстандагы, Жалал-Абаттагы (Ноокен, Сузак) жана Таластагы кушчулардын курамында эскерилиши аталган уруунун өткөн доорлордогу кенен аймактагы миграциясын чагылдырат. Кушчулар (кытайга – «гэшу») жана азыктар (кытайча - «ассиги») VII к. Батыш Түрк каганатынын Нушиби аймагына киргендигин кытай жылбаяндары тастыктайт (Бичурин, 1950, Т.I, 289) Чыгыш Түркстан географиялык өңүттөн алганда Батыш Түрк каганатынын курамында болгондугу белгилүү. Адигине уруулук тобуна кирген жору уруусунда сөгөттүк жору, шарттык жору деп аталган уруктар бар. Мындай топонимикалык аталыштар Лоб-Норго жакын аймактардан да кездешери белгилүү.

Айрым учурда уруунун энчилүү аты жер-суу аталыштарына (топоэтноним) байланыштуу келип чыгышы мүмкүн. Кашкар - тынымсейиттердин курамындагы урук катары маалым. Кээ бир маалыматтарда тынымсейиттердин бир бөлүгү (курамына «кашкары» уругу кирген токтогул тобу) ич ара чыр-чатактардан улам батыш Кытайдын чектерине жер которушуп, узак убакыттар бою туруп калышканы баяндалат. Бүгүнкү жашап жаткан аймакка Токтогулдун тогуз уулунун бешөөсүнөн гана тараган урпактары келип

www.bizdin.kg

отурукташкандыгы санжыралык маалыматтарда баяндалат. Ал эми калган балдарынан тараган урпактары бүгүнкү күндө Шинжаңда турушары айтылат (Абрамзон, 1960, Т.IV, 20).

Сол канат кыргыз урууларынын аскердик урааны өз доорунда «Каратал» деп чакырылганы маалым. Орто жана кечки орто кылымдарда Чыгыш Түркстанда сол канат кыргыз уруулары байырлаган аймактарда Каратал (Кытайча – «Ха-ла-та-лэ») топоними белгилүү (Абрамзон 1990,68). Изилдөөчүлөр байыркы доорлордон туруктуу сакталып келе жаткан аскердик ураандар негизинен ата-бабалардын эрдиктерин даңазалап, уруулук символдорду, сыйынуучу ыйык жерлерди чагылдырарын белгилешет (Рабинович 1968, 307). Эзелки кыргыз ж.б. түрк-монгол тилдүү элдерде ыйык туткан (тотем) жаныбары, канаттуу кушу, сыйынган тоосу болгон; ошону менен бирге, жер менен Көк Теңирди байланыштырган бүткүл дүйнөлүк дарак (Байтерек) жөнүндөгү шамандык түшүнүк кенен таралганы маалым. Каракалпактардын ичинде «караталшы» аттуу ири урук бар. Соң-Көлдөн анчалык алыс эмес аралыкта жайгашкан «Каратал жапырыгы» аттуу тарыхый топонимия кызыгууну жаратары ырас. Каратал топоними байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз урууларынын (уруулук бирикмелеринин) жалпы курултайдан соң бириктирүүчү маанисин туюнткан, ыйык деп эсептелген, шамандык ритуал өткөрүлүүчү тоо, чоку, ашуу же бийик тоонун бели болуусу толук ыктымал. Тал (Каратал), Терек (бай терек) дүйнөлүк дарак жөнүндөгү шамандык идеяны чагылдырары илимге маалым. Жалпысынан, Чыгыш Түркстан (Батыш Кытай, Ички Азия) жана ага чектеш жерлер кыргыздардын эзелтеден жашап келген мекени, түпкү журту болуп эсептелет. Бул кенен, түрдүү ландшафтуу аймактарда кыргыздар негиздеген алгачкы мамлекеттер түптөлүп, эл болуп калыптануусунун негизги этаптары жүргөн.

1.4. Афган кыргыздары жана алардын этностук курамы

Бүгүнкү Афганистан көп улуттуу, конфециялуу өлкөлөрдүн бири. Калкы 20 миллиондон ашуун мамлекет чейрек кылымдан ашуун мезгилден бери саясий стабилдүүлүгү туруктуу эмес, эл аралык коомчулуктун көңүлүн дайыма өзүнө бурдурган аймактардын бири болуп келүүдө. 1979-ж. декабрь айындагы СССР куралдуу күчтөрүнүн бул өлкөгө киргизилишинен кийинки түзүлгөн кырдаал Вахан коридорун (Афганистандын түндүк-чыгыш аймагы) же Улуу Памир, Кичи Памир аймактарын эзелтеден байырлап келген кыргыздардын жашоо-турмушуна, андан соңку тагдырына өз таасирин тийгизбей койгон жок. СССР куралдуу күчтөрүнүн чыгарылышы (1989, 15-февраль), андан соңку афган талаа

командирлеринин ортосундагы атуулдук согуш, этникалык карама-каршылык, талибандар кыймылынын бийликке келиши, НАТО аскерлеринин окуппациялык иш-аракеттери Афганистандын коомдук-саясий, этностук-маданий өнүгүшүнө терс таасирин берди. Афганистандын башка калктары сыяктуу эле кыргыздардын жашоосунун кийинки өнүгүшүнө өзгөрүүлөрдү киргизди. Бүгүнкү күнү афган кыргыздары жана алардын демографиялык абалы, жашоо шарты, кошуна ж.б. элдер менен өз ара алакалары Кыргызстандын өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдарын, изилдөөчүлөрдү кызыктырып келет. Учурдагы чек аралар маселеси, аймактын табигый-жаратылыш шарттарынын өтө татаалдыгы афган кыргыздары менен болгон алакаларды ого бетер кыйындатат.

Ош-Хорог жолу. Андан Ишкашим аркылуу “Вахан коридоруна өтүүгө жол бар

Афган кыргыздары Афганистандын Бадахшан провинциясына караштуу Вахан коридорунда жашашат. Россия империясы менен Улуу Британиянын ортосунда XIX аяк ченинде буфердик зона катары түзүлгөн аймактык коридордун узундугу 295 км., туурасы болсо 15-57 км. аралыкка чейин созулат. Вахан коридорунда Пяндж, Вахан жана Памир дарыяларынын өрөөндөрү жайгашкан. Кыргыздар бул жерлерди Улуу Памир жана Кичи Памир деген аймактарга бөлүшөт. “Вахан” деген энчилүү аты бул аймакты байырлаган “ваха” (вахи) деген шиизмдин исмаилит сектасына кирген этностук топтун атынан келип чыгат. Айрым маалыматтарда кыргыздардын алды XVI к. экинчи жарымында бул аймакты

байырлай баштаганы эскерилсе, кээ бир илимпоздор кыргыздар аталган ареалда X к. чейин эле жашагандыгын белгилешет (Маанаев 1967, 69). 1959-ж. Афганистандагы эл каттоо боюнча жалпы саны 25 миңге чамалаш келген. Арийне, аймактагы кыргыздардын так саны туура белгиленбей келет. Себеби, соңку чейрек кылымдарда эл каттоо жүргүзүлгөн эмес. Кыргыздардын саны жана алардын уруулук курамы, жайгашуу ареалы оозеки маалыматтардын негизинде гана берилерин белгилөөгө болот (Каратаев 2013,267).

Кыргыздар бул аймактарда эзелтеден эле салттуу көчмөн жана жарым көчмөн шартындагы турмушта жашашакан. XIX к. орус-кытай (Цинь), орус-англис келишимдеринин натыйжасында кыргыздар Ферганадан Памир тоолоруна, андан Чыгыш Түркстан тарапка көчүп жүрүүчү көп кылымдык салттуу жолунан, эн негизгиси кеңири жайлоолорунан, өз ара тууган-тушкандык катышуудан ажырап, кыргыздардын бир бөлүгү Афганистандын курамында калып калган (Маанаев 1967, 45). Алардын этностук курамы Тажикстандык (Каратегин, Мургаб) кыргыздар менен бирдей, жалпы башатка ээ. 1895-ж. Памирди географиялык жактан чектеш мамлекеттер ортосунда бөлүштүрүүнүн натыйжасында обочолонуп калуу абалына дуушар болушкан. Афган кыргыздары Памирде жашаган кыргыздардын чет өлкөгө (Түркия Республикасы) журт которуп кеткендерден калган бөлүгү (болжолдуу саны 5 миңден 10 миңге чейин) Кичи Памир жана Чон Памир деп аталган аймактарда жашашат. Айрым тарыхый маалыматтарга караганда кыргыздар Афганистандын түндүгүнүн чыгыш өрөөндөрүндө, Хазрети-Имам-Сахибдин түштүк жактарында жана Кичи Памирдин Лянгар, Бозай-Күмбөз, Жүз-Каз деген жерлерин байырлашат. Чектеш жайгашкан Чыгыш Түркстан, Тоолуу Бадахшан (Тажикстан) жана афган Памирин кыргыздар эзелтеден мекендеп келишет. Айрым изилдөөчүлөрдүн кыргыз урууларынын аталган аймактарга XVIII к. көчүп барган деген пикирлерине кошулууга болбойт. Жергиликтүү информаторлордун берген маалыматтарына караганда, ал жердеги кыргыздар өздөрүн экиге бөлүп, анжияндыктар (сырттан көчүп келгендер) жана сарыколдуктар Орус илимпозу Н.Ф.Ситняковский да өз эмгектеринде жогорудагыдай эле маалыматтарды берет. Ал дагы ичкилик урууларын эки топко бөлүп, наймандар жана кыргыз-кыпчактар ичкиликтердеги сол канатка, кесектер жана тейиттер оң канатка кирерин жазган. Оң жана сол канатка бөлүү принциби же дуалдык деген система байыркы хунну доорунан эле белгилүү.

www.bizdin.kg

(жергиликтүүлөр, автохтондуулар) деп айырмалашат. Жергиликтүү санжыралык маалыматтар боюнча наймандар, кыпчактар - келгиндерге, теиттер менен кесектер болсо жергиликтүү, бул аймакты эзелтеден жашап келген урууларга кирет.

www.bizdin.kg

Мындай уруулук топторго ажыратуу принциби же тартиби аскердик жана саясий-административдик жактан бөлүү керектөөлөрүнөн улам келип чыккан. Мисалы, байыркы түрктөрдө «он ок, боз ок», моңголдордо «зүүнгар» (Зюнгар) жана «барунгар», кыргыздарда «оң канат», Сол канат, ичкиликтер» (Булгачылар), каракалпактарда «арысы конграт», «он төрт уруу кытай» ж.б. параллел келтирсе болот.

Афган Памириндеги кыргыздардын айтуулары боюнча төмөнкү майда уруктар саналган эмес: алапа (тейит), мөшкө, пир баш, кош кулак (кесек), көн, жоон пут (найман), каралай, көк эчки (найман). Памирдеги кыргыздардын ичинде калмактар менен вахандар бар. Вахандарды кыргыздар «ваха» деп коюшат. Калмактар мурдагы кулдар, азыр болсо кулчулуктан бошотулуп кыргыздардын арасына сиңип кетишкен, кийинкилери болсо (вахалар) бай кыргыздарга кызмат кылуучулар. Азыркы учурда кыргыз эли калмактарды кошкондо өз ара 469 боз үйгө бөлүнүшөт (Реми Дор 1993, 14). Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде табийгаты катаал бул аймактарды кыргыз урууларынын ичинен эң оболу тейиттер өздөштүрүшкөн. Анткени, бул аймактагы тейиттер азыр да салыштырмалуу өтө ыңгайлуу жайыттарды ээлешет. Тейиттерге барчу жол (Кыргызстандан) Харгуши-Памир менен туташкан Кызыларт ашуусу, Алай өрөөнү, андан ары Аксуу дарыясы аркылуу өткөн. XIX к. баш чендеринде тейиттердин бир бөлүгү андан да ары жылып, Санчу аймагынан

конуш алышкан. Бул уруунун жер которуусуна Кокон ханы, 1834-ж. Каратегинди басып алган Мухаммед Алинин (Мадали-хандын) зомбулугунан кутулуу максаты түрткү болгон дешет. Кесек уруусу тейиттерден айырмаланып, Чоң Памирге Дарваз жана Шугнан тоо кыркаларынан ашып, батыш тарапты өздөштүрүшкөн.

Афганистан. “Вахан коридору”. Кыргыздар жашаган аймак

Ошентип, XIX к. аягында тейиттер кар аз түшчү Ыраң-Көл жана Кичи Памирге жайланышып, кесектер болсо Чоң Памирди, Аличорду мекендеген, алардын ортосунда анчалык көп эмес кыпчак уруусунун түтүндөрү жайгашкан. XIX к. 70-ж. Памир аймагы Кокон хандыгы, Кашкар эмири жана Кабул эмиринин вассалы катары үчкө бөлүнүп калышкандыгына карабастан, памирдиктер эч кимге баш ийбей, тың жашашкан. Алар тигил же бул жайытка ким көз артып, кызыгып жүргөнүн да эске албай, ээн-эркин көчүп жүрүшкөн. XIX к. экинчи жарымында Памир кыргыздарын алгач көргөн орустар алардын катаал жаратылыш шартына көнгөн чыдамкайлыгына таңданышкан экен.

1895-ж. 27–февралындагы Памирдеги чек араны белгилөө орус-англис келишиминде чечилди. Памир талашында жана чек араны тактап, бөлүүдө бул аймакта жашаган калктын үрп-адат, каада-салттары, этностук өзгөчөлүгү, жергиликтүү элдин түпкү кызыкчылыктары эске алынган эмес. Чындыгында, жергиликтүү калктын кызыкчылыктарынан дүйнөгө үстөмдүк кылууга умтулган мамлекеттердин жеке кызыкчылыктары жогору турары мыйзамдуу көрүнүш болучу. Ошонун натыйжасында, Памирдин түштүгүндөгү кыргыздар да, андан соң тажиктер да экиге ажырашып, бир тарабы Россия империясынын курамына, экинчилери Афган хандыгынын бийлигине кириштi.

Афган хандыгынын, андан соңку королдук Афганистандын тушунда да кыргыздар борбордон кадыресе көз каранды эместигин сактап кала беришкен. Кыргыздар эзелтеден жашаган аймакка борбордук өкмөт, жергиликтүү кошуна жашаган башка калктар кысым көрсөтө алышкан эмес. Афгандык кыргыздар башка кыргыздардай эле уруулук түзүлүшүн, өзүн-өзү таанып-билүүсүн сактап калышкан (Каратаев 2013, 255).

Кыргыздын ичкилик (Булгачылар) уруулук тобуна кирген афган кыргыздары төмөндөгүдөй курамга ажырашат: оң канат, сол канат ичкиликтер. Оң канатка - тейит, кесектер; сол канатка - найман, кыпчактар. Памирдеги кыргыздардын ичинде калмактар жана вахандар бар экендиги жогоруда белгиленди. Кичи Памирде жана ага жанаша жайгашкан өрөөндөрдө кыргыздардын төрттөн үч бөлүгү жашайт. Улуу (Чоң) Памирде кыдырша, мамычар, бостон, куралай, кызыл аяк, найман, муңдук ж.б. уруктардын өкүлдөрү байырлашат. Сары кол, Кичи Памир, Чоң Памир, Ыраң-Көл, Толубай, Сары-Мукур ж.б. ушул сыяктуу жергиликтүү топонимикалык аталыштар кыргыздардын аталган аймактарда эзелтеден мекендеп келишерин чагылдырары анык.

Кыргыздардын негизги чарбачылыгы жарым отурукташкан мал чарбачылыгы - төрт түлүк жана айрым жерлерде жер иштетүүчүлүк менен кесиптенишет.Төрт түлүктөн жылкы, кой-эчки, кара мал, топоз (котоз), төөнү асырашат. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде афган кыргыздарынын чарбалык укладынын түзүлүшү кошуна жашаган башка элдердикине окшошуп кетет (Кузьмина 1994, 265). Мындай чарбалык уклад жаратылыш шартына, ландшафт жана рельефке байланыштуу келип чыккан. Шувал-Даро багытында жашаган кыргыздар мал чарбачылыгы менен катар буудай, арпа, таруу айдашары белгилүү. Албетте, дыйканчылык натуралдык мүнөзгө гана ээ. Мал жана мал чарба азыктарын кыргыздар негизинен кошуна Пакистандын Читрали аймагы тараптагы жашоочуларына сатышат жана айрыбашташат. Чек ара көзөмөлү формалдуу мүнөзгө ээ болгондуктан бир мамлекеттен экинчи бир мамлекеттин чегин кесип өтүү көп кыйынчылыкты туудуртпайт.

Бүгүнкү Афганистанда калган кыргыздардын жалпы саны так эмес. Оозеки малыматтарда кыргыздардын саны 500 түтүндөн 2000 түтүнгө чейин жетет. Айрым булактарда 10 минден 15 миңге чейин кыргыз бар экендиги көрсөтүлөт. Балким, бул санга кошуна Пакистан тарапта жашаган кыргыздарды да кошуп жүрүшкөндүр. Оболу, афган кыргыздарынын XX к. 80-90 жж. тагдырына көңүл бурсак. Бул доордогу афган кыргыздарынын тарыхын Жапаркул уулу Рахманкул-хандын тагдыры менен бирге кароо зарыл.

Рахманкул-хан (1913-1990) Памир, Пакистан, андан соңку Түркия кыргыздарынын лидери болгон. Анын тарыхый бейнесине ар бир доорго, идеологияга карата бирдей баа берилбей келет. Мурдагы Совет жана Кытай бийликтеринде Рахманкул-хан каракчы, өз мүдөөсүнө жетүү үчүн ар кандай ыкмаларга барган кара өзгөй адам катары сүрөттөлсө, афган, андан кийинки түркиялык кыргыздар үчүн эл камын ойлогон, анын кызыкчылыктары үчүн өз жанын аябаган, памир кыргыздарынын көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн инсан болгон. Афган кыргыздарынын соңку жаңы тарыхында Рахманкул-хандын орду өзгөчө бааланат. Замандаштардын жана чет өлкөлүк саякатчылардын, изилдөөчүлөрдүн маалыматтарында Рахманкул-хан табийгаттан сергек акылдуу, алысты көрө билген, эл камын ойлогон, афган Памириндеги башка калктардын арасында да зор кадыр-баркы бар инсан, эл башчысы, көрөгөч саясатчы болгон. Рахманкул-хан Памирдин Мургабында (Тоолуу-Бадахшан автономиясы) 1913-ж. туулган. Айрым маалыматтарда анын атасы Жапаркул Кокон хандыгында миң башылык милдетти аткарган экен. Тейит уруусунан чыккан Жапаркул Мургабдагы кыргыздарды башкарган. 1917-ж. советтик төңкөрүштөн кийин Вахан коридорунда (Афганистан) жашаган кыргыздарга көчүп өткөн эле.

1937-ж. атасы Жапаркул каза болгондон соң, жергиликтүү кыргыздар тарабынан Рахманкул “Чоң жана Кичи Памир кыргыздарынын ханы” деген наам алат. Рахманкул-хан Кабулдагы бийликтерден кыргыздар үчүн бир катар жеңилдиктерди алууга үлгүрөт. Аскерге кызмат өтөө жана кээ бир салыктын түрлөрүн Афганистан чек арасын көзөмөлдөө менен алмаштырууга жетишет. Демаркация боло элек аймактарда советтик жана кытай чек

арачылары менен кагылышып тургандыгы айтылат. 1948-ж. Шинжаңга 40 үй бүлө менен көчүп кеткен Рахманкул-ханды Афганистан королу Закир-шах 1950-ж. кайрадан чакырып алган эле. Афган королу кыргыз лидерине чек араны мыкты коргоону уюштургандыгы үчүн "Pasbani Pamir" - "Памирдин коргоочусу" наамын ыйгарат. 1964-ж. Рахманкул-хан Афганистандын жогорку мыйзам чыгаручу органы – Лоя Жиргага ардактуу мүчө болуп катталат. Кыргыздардын кызыкчылыгын коргоого алган Рахманкул-хан афган королунун Памирдеги өкүлү болуп дайындалат. Дари жана пушту тилдеринде эркин сүйлөгөн Рахманкул-хан колунда бардар, бай адам болгон. Он миңдеген төрт түлүктөн сырткары, кыргыздарга өтө кенен жайыттар, афган Памириндеги соода-сатык жолдору таандык эле.

Памирлик кыргыздардын ханы – Рахманкул хан (1913-1990)

Арийне, 1978-ж. апрелдеги Афганистандагы мамлекеттик төңкөрүш жергиликтүү кыргыздардын көп кылымдык жашоо укладына, экономикалык абалына, социалдык-саясий ээлеген абалына өз кедергисин тийгизген. Кыргыздардын Пакистандын юрисдикциясындагы территорияга көчүп өтүүсү тууралуу, анын негизги себеби боюнча бирдей көз караштар калыптана элек. Кабулдагы саясий бийликке СССР колдогон күчтөрдүн келиши, андан соң, 1979-ж. декабрь айында советтик аскерлердин киргизилиши негизги себеп болгон.

Рахманкул-хан жетектеген Кичи Памирдик кыргыздардын бир бөлүгү Каракорум тоо кыркалары аркылуу эки жумага созулган көчүүнүн натыйжасында Пакистанга караштуу Гилгит өрөөнүнө келип отурукташышкан. Бийик тоонун калкы абасы нымдуу, жайкы аптабы 40 градуска жеткен Пакистандын климатына көнө алышкан жок. Айрыкча жаш балдарга жана аялдарга өтө кыйын болду. Ошол эле (1979-ж.) жугуштуу ич келте ж.б. ооруулардан

www.bizdin.kg

жүздөгөн аялдар, жаш балдар көз жумушкан. Албетте, бүтүндөй элди ата-бабалары жашаган жерден табийгаты, тили, дини бөтөн жерге зордоп көчүрүп кетүүнүн зарылчылгы бар болгонбу, албетте бул маселеге тарых өзүнүн баасын берери бышык. 1980-ж. апрелинде Рахманкул хан АКШнын Исламбаддагы элчилигине кайрылып, жер которууга уруксат берүүчү иммиграциялык виза сураган. Ал тараптан оң жооп болбогондон соң, Түркиянын өкмөтүнө кайрылган. Бул суранычты Түркия өкмөтү кабыл алып, 1982-ж. март айында тоо аймагындагы Ван районуна кабыл алууга чечим чыгарды. 1982-ж. август айында 1138 адам самолет менен Турцияга көчүрүлүп, убактылуу Каракундуз айылына жайгаштырылат. 1985-ж. Алтын-Дараге биротоло отурукташып калышкан. Түркия өкмөтүнүн гумандуу саясаты көчкөн кыргыздарды Пакистанда биротоло кырылып жок болуудан сактап калган (Каратаев., Эралиев 2005, 356). Пакистанга журт которуп, башка журтка кетүүдөн баш тарткан кыргыздарды шайым уругунан чыккан Абдрашит-хан жетектеп, кайрадан ата журтуна келишкен. Учурда Түндүк-Чыгыш Афганистанда (Вахан коридору) бир топ санда кыргыздар жашоодо.

www.bizdin.kg

1.5. Памир кыргыздары. Мургабдыктар

Учурда Кыргызстандан сырткары жашаган кыргыздар компактуу жашап келген аймактарга – Тажикстандын Тоолуу Бадакшан автономиялуу облусунун Мургаб району жана республикалык борборго түз баш ийген Жерге-Тал району кирет. Илимий адабияттарда негизинен “Памир кыргыздары”, географиялык жайгашуу алкагына (локалдашуусу) жана шарттарына жараша “мургабдыктар” же “сарыколдуктар”, “каратегин кыргыздары” же “жергеталдыктар” деп аталышат. Аталган чөлкөмдөр жана ага чектеш аймактардын кыргыздарынын (Алай, Чыгыш Түркстан, Афганистан кыргыздары) тарыхый-этностук, социалдык өнүгүүсүн комплекстүү кароо менен бирге, аны төмөнкү этаптарга бөлүп алууга болот:

1. б.з. IX-X кк., бул аймактардагы кыргыздардын алгачкы эскерилиши;
2. XV-XVI кк., аталган чөлкөмдөрдү кыргыздардын ургаалдуу өздөштүрүүсү;
3. Жунгар (ойрот-калмак) кысымынан кыргыз урууларынын басымдуу бөлүгүнүн Каратегин, Мургаб, Балх тараптарга журт которуусу (XVII-XVIII кк.);
4. Памир кыргыздарынын Кокон хандыгы жана Бухара эмирлигинин таасирине кабылуусу;
5. Кыргыздар жашаган аймактар үчүн (Памир-Алай, Афганистан, Чыгыш Түркстан) Улуу Британия, Россия жана Цинь империяларынын өз ара күрөшү. Чек аралардын тактала башташы. XVIII к. экинчи жарымы, - XIX к. аяк чендери. Памир-Алай кыргыздарынын үч империянын таасир этчү чөйрөлөрүнө бөлүнүп калуусу (Мургаб чөлкөмү Бухара эмирлигине XX к. биринчи чейрегине чейин формалдуу баш ийген).
6. Памир кыргыздарынын мурдагы Совет доору жана эгемендүүлүктүн жылдарындагы социалдык-экономикалык абалы.

Тоолуу Бадакшан автономиялуу облусунун (Тажик ССРи) партиялык бюросунун 1932-ж. 25-августу жана 27-октябрындагы чечими менен административдик борбору Мургаб (тажикче – Мургоб) кыштагы болгон Мургаб району түзүлгөн. Мургаб кыштагы автономдук облустун борбору болгон Хорогдон 324 чакырым чыгышка карай жайгашкан. 1925-ж. 2-январы Тоолуу Бадакшан автономиялуу облусунун түзүлгөн күнү катары майрамдалат. Мургаб району тоолуу облустун чыгыш атрабында жайгашкан, түндүктө – Ош облусу,

www.bizdin.kg

чыгыш тараптан – КЭРдин Синьцзян аймагы, түштүк тараптан – Афганистандын Бадакшан провинциясы, батыштан – Ишкашим, Шугнан, Рушан, түндүк-чыгыштан Жергетал, Тавильдарья райондору менен чектешет. Соңку эл каттоолордо жашаган калктын саны 17 миңге чукул экендиги көрсөтүлөт, аянты болсо 38 миң чарчы километрди түзөт. Район административдик жактан алты айылдык жамааттан турат. Алар төмөнкүлөр: Аличур, Гадобердиев, Кара-Көл, Кызыл-Рабат, Мургаб, Раң-Көл. Жергиликтүү кыргыздар (мургабдыктар) чыгыш Памирди – “Сары-Кол”, өздөрүн болсо “сарыколдуктар” деп аташары маалым.

Бул аймактарды кыргыздар эзелтеден байырлап келери тарыхый булактардан жана изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен белгилүү. Изилдөөчүлөр (Ө.Караев, Худяков Ю.С, Бутанаев В.Я, Чороев Т.К., Маанаев Э.Ж, Кожобеков М.Ч., Каратаев О.К ж.б.) азыркы Чыгыш Түркстан жана ага чектеш аймактарды кыргыздар бери болгондо IX к. эле байыр алышкандыктарын араб-фарси графикасындагы ж.б. булактарга таянышып белгилешет. Кыргыздардын Памирди жана Синьцзянды (Чыгыш Түркстанды) өздөштүрүүсү X-XIII кк. башталат (караңыз: История Горно-Бадахшанской Автономной области (ГБАО). -Душанбе, 2005, Т.I,-С.278).

Памир кыргыздары европлык жана орус жазма булактарында XIX к. орто чендеринен эле белгилүү боло баштаган. Ал эми Кытайдын Цинь династиясынын (1644-1913 жж.) жыл баяндарында кыргыздар тууралу маалыматтар, алардын жайгашкан жерлери, чарбачылыгы (чарбалык уклады), уруу жетекчилери жөнүндө Жунгар хандыгы кулагандан кийин (1635-1773\75 жж.) жыш эскериле баштайт. Айрым учурларда кыргыздар салыштырмалуу күч-кубаттуу болгон кошуна мамлекеттердин (Бухара эмирлиги, Цинь Кытайы) бийлигин формалдуу гана таанышып, иш жүзүндө ички жана тышкы алакаларда эч кимге көз каранды эмес саясатын уланта беришкен. Кошуна жайгашкан калктар, мамлекеттер болгон ымалага ошол учурдагы эл аралык саясий кырдаалдын, мамилелердин кескин өзгөрүүлөрү да себепкер болгон. Мисалы, Жунгар хандыгын (ойрот-калмактар) талкалап жок кылган Цинь империясы (1644-1912 жж.) менен кыргыздар чек араларын тактаган маселелерди чечүү үчүн айрым кыргыз улуктарынын (мисалы, адигине уруулук тобунун башкы бийи – Ажы-бий ж.б.) Цинь императоруна багышталган расмий каттары, жөнөткөн элчилери мисал боло алары ырас. Орус архивдик булактарында “Памир кыргыздары көз каранды эмес жашоого көнүшкөн, алар эч качан башка башка бирөөлөр тарабынан эзилүүгө кабылган эмес, афган жана кытай бийликтерин таанышкан эмес”- деген маалыматтар эскерилет (Жумабаев 2009,29). Чыгыш Түркстанды Цинь империясы (1644-1912) басып алганга чейин эле бул аймакта аскердик-

www.bizdin.kg

саясий, экономикалык артыкчылыктарга ээ болгон кыргыздар Памир-Алайга орустар басып киргенге чейин эле кытайларга каршы күрөшкөн уйгурлардын көтөрүлүшүн колдоп турушкандыгы маалым. Кийинчерээк, аймакка таасирин жайылткан Кокон хандыгы Памирдеги ээликтерин чыңдоо максатында Таш-Коргон чебин курган. Андан соңку жүргүзүлгөн чек араларды тактоолордо, тагыраак айтканда, орус-кытай сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгында памирдик кыргыздардын бир бөлүгү Цинь империясынын ээлигине (азыркы Ак-Тоо ооданы, КЭРдин Кызыл-Суу Кыргыз автономиясы), орус-англис (Россия-Улуу Британия) макулдашууларынан кийин кыргыздардын ири бөлүгү жана алар жашаган тарыхый аймак Улуу Британия көзөмөлдөгөн Афганистандын Бадахшан (Вахан коридору) аймагына бөлүнүп калган эле.

Арийне, кыргыз урууларынын бул тоолуу аймактарга массалык түрдө журт которуусу XVII к. биринчи жарымындагы ойрот-калмактардын (Жунгар хандыгы, 1634-1775) кысымынан кийин күч ала баштаган. Бирок, бул локалдашуу процессин кыргыздардын Памир аймактарын (Мургаб, Вахан, Балх) өздөштүрүүсүнүн соңку этаптары катары кароого зарыл. XIX к. аяк чендеринде (1892-1896 жж.) бул аймактарда чалгын иштери менен болушкан орус аскер адамдары Памирдин калкын көчмөн кыргыздар түзөрүн, Шугнан, Вахан жана Рошандан качкан аз сандуу тоолук тажиктер бар экендигин байкашкан (Тагеев 1902, 40). Тоо-таш, үнкүрлөрдө жашынып жашаган качкын тажиктердин саны өтө аз болгон. Б.Л.Тагеев жергиликтүү памирдик кыргыздардан “биз учурда орустарга баш ийип калдык, мурда кудайга гана моюн сунчубуз” – деген сөздөрүн уккандыгын жазат. Тоо этектерин жана дарыя өрөөндөрүн байырлашкан кыргыздар теги жагынан Чоң Алайдын жана Фергана тоо мейкиндиктерин, түздүктөрүн мекендеген кыргыздар менен тууган-туушкан абалда (Тагеев 1902, 40-42). Сыр-Дарыя, Фергана облустарынын аймактарын изилдеген орус армиясынын офицери, полковник Б.Л.Громбчевский 1892-ж. Памир аймагындагы кыргыздардын санын, локалдашуусун, алар жашаган жерлерди алгач ирет кагазга түшүргөн (Акрамов 1974, 88-89). Арийне, аймакты чалгындоо жана изилдөө иштерине орус аскер чиндери андан мурда эле кызыгышкан. Түркстан генерал-губернаторунун милдетин аткарган М.Г.Черняев 1880-ж. тоо инженери Д.Л.Ивановго экспедициянын курамын уюштурууга тапшырма берет. Д.Л.Иванов аймакта кыргыздын кыдырша, тейит, найман, кыпчак жашарын, алардын татаал климаттык шарттагы жашоо образын, чарбалык укладын, Кашкар, Фергана өрөөнү менен соода-сатык алакаларынан кабар берген (Иванов Д.Л. Путешествие на Памир// Известие РГО.-Т.XX.-Вып.3.-СПб.,1884). Андан соң Чыгыш Памирдеги кыргыздардын этностук курамы, чарбасы, салттуу маданияты тууралу маалыматтарды Т.Ш.Путята, ушундай эле маанидеги

маалыматтарды Л.Костенко да жазгандыгы маалым. А.Е.Снесарев да Чыгыш Памир, андагы жашаган негизги калк болгон кыргыздар боюнча баалуу маалыматтарды кагаз бетине түшүргөн.

Тажик Республикасы. Мургаб районунун административдик-аймактык картасы кызыл түс менен белгиленген

Вертикалдуу көчүп-конуп жүргөн кыргыздардын төрт түлүк малы үчүн Памир-Алай тоолорунун аймактары мыкты жаздоо, жайлоо, коктулары болсо кыш мезгилиндеги ызгар сууктан корголоочу коргон милдетин аткарган. Чыгыш Памир трактаты аркылуу Кытай тарапка (Чыгыш Түркстан, Тибет же Ички Азияга), Афганистанга, андан ары Индияга барчу ыңгайлуу соода-сатык, байланыш жолдору өтө турган. Батыш изилдөөчүлөрү чыгыш Памирдеги кыргыздардын негизинен мал чарбачылыгы, анын ичинен топоз, жылкы, кой, бир аздап уйга ык коюшарын белгилешкен. Кыргыздар унаа үчүн маанилүү болгон төөнү өтө баркташарын жазышкан.

Памир чөлкөмү эзелтеден талаш-тартыштын, саясий теңтайлашуунун чордону болуп келген. Аймакка таасирин жайылтуу үчүн Шугнан, Дарваз жана Бадахшан башкаруучулары өз ара тынымсыз күрөш жүргүзүп келишкени белгилүү. Бул күрөшкө чыгыш иран диалектилеринде сүйлөгөн жергиликтүү калктар да катышкан. Бадахшан аймагын моюн сундуруу үчүн афган-пуштундардын Дурранилер сулалеси да аракет жасашкандары маалым. Бул күрөштөн кыргыздар да четте калган эмес. Ириде, аймакты баш ийдирүү аракети менен түштүк тараптан келе жаткан Британ басып алуучуларынын алдынан утурлап тосуп чыккан орустар 1885-ж. карата Чыгыш Памир багытына чыгышкан. Ошол эле жылы орус аскерлери

чыгыш Памирде Мургаб чыңдоосун курганга үлгүрүшөт. Оболу, бул чыңдоо 1892-ж. “Шаджан посту” деп аталып, алгачкы аскер зардалысы орус генералдык штабынын капитаны П.А.Кузнецов деген болгон. Чыңдоону курулушун чийген жана аны тургузган таанымал аскер адиси, изилдөөчү, орус армиясынын штабс-капитаны А.Серебренников болгондугу белгилүү. Айрыкча, А.Серебренниковдун Орто Азия боюнча жазган эмгектери илим үчүн бүгүн да өз баалуулугун жогото элек. Чек араларды тактоо боюнча 1895-ж. 2-февралында (жаңы календарь стили боюнча - 11-март) өткөн орус-англис расмий сүйлөшүүлөрүнөн кийин Бадахшандын бир бөлүгү, Пяндж дарыясынын сол жак жээгиндеги жайгашкан аймактар Афганистанга, оң жак жээктеги жерлер ошол учурда Россияга вассалдык көз каранды (1920 ж.чейин) абалда болгон Бухара эмирлигинин курамына өткөн. Бирок, Памирдеги иш жүзүндөгү бийлик орус армиясынын Памир отрядына баш ийген.

www.bizdin.kg

Британдыктарды Орто Азия аймагына киргизбей, жолун торогон орус аскер бөлүктөрү ошол учурдагы Россия империясынын Фергана аскер-губернаторуна баш ийишчү. 1905-ж. тартып Чыгыш Памир аймагынын башкы штабы Хорогдо жайгашкан чек ара аскерлеринин өзгөчө башкармалыгына баш ийдирилген эле. Бул Россия империясынын аймактын аскердик-стратегиялык баалуулугуна өзгөчө маани берген мамлекеттик саясаты болучу.

Райондун борбору Мургаб айылы – Мургаб дарыясы жана Памир трактысынын (Памир автомобиль жолу) кесилишкен жеринен орун алган. Айылдын жанында мурдагы орус чыңдоосунун чалдыбарлары бар. Түндүккө карай Кыргызстандын Сары-Таш айылы, андан

www.bizdin.kg

ары Фергана өрөөнү тарапка - Ошко карай жол уланат. Чыгышта Көлмө ашуусу аркылуу (Мургабдан 80 чакырым) Кара Корум шоссесине (Синьцзян, Кытай Эл Республикасы) чыгууга болот. Түштүк–Батышка карай 300 чакырым аралыкта облустун борбору Хорог шаары, андан ары Тажик Республиканын борбору Душанбеге жол кетет. Мургаб – кыргыздарда “Нуркап” деген ат менен да аталары маалым. Кыргыздар азыркы Мургаб району жана ага чектеш аймактарды “Сары-Кол” же өздөрүн “сарыколдук кыргыздарбыз” деп аташат. Бул аймакка Чоң Алайдан башталган Талдык, Ак-Байтал, Кызыл-Арт ашуулары аркылуу жол өтөт. Чыгыш тарабынан Каракорум тоо системасына чейин созулган Сары-Кол тоо кыркасы жатат (Жумабаев 2009,17).

Кыргыздар “Сары-Кол өрөөнү” деп аташкан Чыгыш Памирдин климаттык шарты бийик тоолуу катаал, кескин континенталдуу, кыш мезгилдеринде 50 даражага чейин суук, ал эми жай мезгилиндеги күндүн жылуулугу 20 даражадан ашпайт. Памир бийик, асман мелжиген тоолордун, улуу мөңгүлөрдүн мекени болгондуктан, дарыя менен көлдөргө өтө бай. Жергиликтүү топонимикалык аталыштардын басымдуу бөлүгү, анын ичинен гидронимдер (суу, дарыя аттары), оронимдердин (тоо аталыштары) энчилүү аттары кыргыз тилинен келип чыгары илимге эчактан эле белгилүү. Ономастика (жер-суу, уруу-урук, адам, жаныбар, тоо-таш ж.б. аталыштары, онимдер) илими этникалык маанидеги баалуу маалыматтарды берүүсү илимде далилденген. Чыгыш Памирдин топонимикасынын (жер-суу аталыштары) дээрлиги кыргыз энчилүү аттары. Мисалы, Жашыл-Көл, Сасык-Көл, Булуң-Көл, Айдың-Көл, Ыраң-Көл деген көлдөрдүн өрөөндөрү саякатчыларга эзелтеден белгилүү болгон. Жергиликтүү топонимикалык аталыштардын басымдуу бөлүгү кыргыз лексика корунан жана бул энчилүү аталыштар кыргыздардын жашоо-турмушунан, чарбалык укладынан да кабар берери ырас. Мисалы, Миң-Теке, Белен-Кийик, Кара-Теке, Теке-Чапты, Бодо, Өгүз-Агып, Бөрү-Жылгаа, Аюу-Жолу, Бөрү-Коргон, Коёнду, Ат-Өлдү, Эчки-Өлдү, Ат-Жайлоо, Ак-Козу, Арык-Кочкор, Ак-Жар, Ак-Кыя, Ак-Сай, Бор-Өтөк, Топ-Терек, Арпа-Экти, Упа-Таш, Шибе-Айгыр, Ой-Тал ж.б.у.с. жер-суу аталыштарынын Памирдеги географиясы абдан кенен (караңыз: Жумабаев 2009, 26). Кыргыз тилиндеги топонимикалык аталыштардын басымдуу болушу, бул аймактарда кыргыздардын басымдуу этнос экендигин, алар бул чөлкөмдөрдү эзелтеден байырлап келишерин чагылдырары ырас.

Орто Азиянын өрөөндүү аймактарына жашоо алып келген Аму-Дарыя дал ушул Памир аймагындагы суулардан башталса, Чыгыш Түркстандагы Тарим суу бассейни негизги суу ресурстарын Чыгыш Памирдин (Памир-Алай) эриген мөңгүлөрүнөн алары белгилүү. Дегинкиси, Памир-Алай тоо кыркалары Борбордук Азиядагы эң ири суу бөлүштүргүч

система катары калыптанган. Ириде, Памир чөлкөмү жаратылыш шарттарынын кургак жана катаалдыгына карабастан фаунасы өтө бай, жаныбарлар дүйнөсүнө жарды эмес. Жергиликтүү табигый шарттарга көнгөн төрт түлүккө бай келген жаздоо жана жайлоолор арбын кездешет. Изилдөөчүлөрдүн эмгектериндеги маалыматтарга караганда Памир аймагы эзелтеден кыргыздардын вертикалдуу формадагы көчүп-конуп жүргөн негизги чөлкөмдөрдөн болгон.

Уруунун (уруктун) аталышы	Жайлаган жерлери\жайлоо	Отурукташкан кыштоолору
Сары тейиттер (тейит)	Ак-Суу (Мургаб) дарыясы-нан Тогуз-Булакка чейинки жерлер	Раң-Көлдөгү Өгүз-Агыл кыштоосу
Кочкор тейиттер (тейит)	Шатпут өрөөнү. Ак-Жылга. Кара-Суу дарыясынын өрөөнү	Кош-Агыл кыштоосу
Гыдыршалар (кыдырша)	Ак-Байтал жана Аличор жайлоолору	Мургаб жана Раң-Көл суларынын бойлору. Терек-Отун кыштоосу
Жамананңдар (кыпчак)	Шатпут, Зор-Бөрүлүк,Мукур -Бөрүлүк, Жол-Бөрүлүк жайлоолору	Сары-Жылга, Раң (Ыраң)-Көл, Кош-Өтөк, Көл, Көрпөбай-Өтөк, Кыр-Өтөк
Чегитирлер (тейит) Чогороктор (тейит)	Кара-Турук жайлоосу	Текер-Отун кыштоосу, Раң-Көлдүн Кара-Турук өрөөнүнүн күңгөй жагы
Олжочу	Ак-Байтал суусунун бойлору, өрөөндөрү	Сары-Жылга кыштоосу
Кесектер	Кызыл-Рабат	Ак-Суу, Кош-Агылдын Токтомуш жактагы аймагы
Наймандар Кыпчактар	Орто-Бел, Жогорку Тагарма жайлоосу, Кыяк-Башы, Моожу, Булуң-Көл	Мук-Суу кыштоосу, Гези талаасынын чектери, ага чектеш аймактар

Памир кыргыздарынын этностук курамы негизинен ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобунун өкүлдөрүнөн турат. Алардын арасынан оң жана сол кыргыздарынын айрым

уруктарын да кездештирүүгө болот. Мындан сырткары, кыргыздашкан ойрот-калмактардын, кыргыздардын курамына сиңип кеткен вахандардын (ваха, вахи) учкундары да бар. Негизинен, Памир кыргыздарынын уруулук курамы Памир-Алайдагы, Афган Бадахшанындагы, Таш-Коргон тараптагы (Ак-Тоо ооданы, Кызыл-Суу Кыргыз автономиясы, КЭР), Чон-Алай, Баткен аймагы, Өзбекстандагы жашаган кыргыздардын уруулук курамдары менен толук дал келет. Ириде, Памир кыргыздарынын уруулук структурасы, генеалогиясы боюнча маалыматтары Фергана өрөөнү ж.б. аймактарда жашаган ичкиликтер урууларына салыштырмалуу так сакталган. Памир кыргыздарынын уруулук курамы, генеалогиялык ажырымы, жайгашуу ареалы боюнча маалыматтар элдик санжыра-уламыштарда, атайын изилдөөлөрдө дурус чагылдырылган. Кыргыздын ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобу тууралу алгачкы маалыматтар XVI к. Сайф ад-Дин Аксикендинин “Мажму ат-Таварихинде” (“Тарыхтар жыйнагы”) баяндалат. Кыргыз санжыралары (генеалогиялык маалыматтар) боюнча ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобу оң жана сол канат кыргыздарынын ортолугундагы борбордук абалды ээлейт. Айрым изилдөөчүлөр кыргыздардын этнос катары калыптануусундагы ичкилик урууларынын ролуна маани беришет (Абдылдаев, 1982).

Кытайлык кыргыз изилдөөчүсү М.Мамбеттурду: “...жогорку мааламаттарга кошумча катары өзүбүздүн 2004-жылы Памирге жасаган чогултулган маалыматарды ар кимдин эсинде калган, бир системага келтирилип жыйнакталбаган уруу аттарын тизип көрсөтсөк да бир кыйла маанилүү болот деп ойлойбуз. Ташкоргон Тажик автоном ооданына караштуу Көкжар

кыргыз улуттук айылынын тургундары кыпчакка тейит, кесек деген эки урууну кошот да, Көкжардагы уруулар машкө, отунчу, бостон, карасаадак, кызыл аяк, кочкор уруктары Пейик деген жерде сейтмат, бөрү, найман, кара тейит, кыдыршаа уруктары бар, ырчылардын көбү бостон уругунан чыгат. Бостондор жаңы бостон, молой бостон, сарбашыл бостон деп үчкө бөлүнөт деп айтышты. Актоо ооданы Можу айылындагы элдик өнөрпоз Калбай Жетимиштин айтуусунда, Можудагылар мурза наймандар болуп, алар жалпы жонунан “найман” деп аталып, алты урукка бөлүнгөн: кайыскак, кызыл тайча, тору, күрдү, жээрде, кий найман. Мунун ичинде, кайыскактар жайыл, кайыскак деген уруктарга; торулар тору, туру, тору айгыр, шаймак деген уруктарга бөлүнгөн. Элдердин айтымында кийин Памирге келип калган уруктар “бооз уругу” менен “чоң чарык” уругу болгон. Калбай Жетимиш чоң найманды жетиге бөлүп, анын алтысынын атын айтып берди. Алар төмөнкүлөр: мурза найман, кийик найман, көн найман, бөө найман, бугу найман, жоон бут найман. Аталган өнөрпоз кыпчактарды таз кыпчак, сарт кыпчак, кан кыпчак дегендей жетиге бөлүнөөрүн эскерди. Бүгүнкү Памир кыргыздарынын эс сактамында уруулардын санжыра боюнча сүрүлүү түшүнүгү солгундап кеткендиги анык эле байкалат”- деп жазат (Мамбеттурду, 2008).

Памирдеги жашаган калктын саны тууралу маалыматтар бир кылка эмес. XVIII к.үчүнчү чейрегенде адигине уруулук тобунун улугу Ажы-бий кытай (Цинь династиясы, 1644-1913) бийликтерине Алай-Памир багытында 210 миң кыргыз жашай тургандыгы тууралуу маалымат берет. XIX к. биринчи жарымындагы булактарда Памирде 30 миңден ашуун кыргыздар жашаса, ошол эле кылымдын экинчи жарымындагы жазма булактарда үч

www.bizdin.kg

жарым миң кыргыз тууралу гана маалыматтар бар. Албетте, Памирдеги кыргыздардын салыштырма санынын дайыма өзгөрүп туруусу кыргыздардын сезондук көчүп-конууларына байланыштуу келип чыккан. Бул процессти бир катар орус изилдөөчүлөрү да белгилешкен. XIX к. экинчи жарымында (1887-1890 жж.) Памир-Алайга эки ирет саякат жасаган француз окумуштуусу Гийом Капю: "...Памир жайкысын төмөнкү өрөөндөрдөн жайлоого көчүп келген көчмөндөргө толуп чыгат. Аба ырайы суук боло баштаганда алар төмөн көздөй көчө башташат. Бул жерде Алай тоолорунун бетине кыштаган алайлык кыргыздар, Памирдин Кашкар тарабын сырыколдуктар менен ташкоргондуктар жайлашат. Булардын баары аталган чөлкөмдө убактылуу гана байырлашат. Ал эми Памир кыргыздарынын жөнү башка. Алар кышы катаал аска-тоону ыңгайлаша жыл бою мекендешет. Жайкысын кыргыз калкынын саны бир нече миңге жетет, ал эми кышкысын бири-биринен оолак, тоонун далдоо беттерине ыктаган 200-250дөй гана түтүн калат. Алардын экиден 20га чейин боз үйдөн турган жатактары Раң-Көлгө жакын ашууларда, Шатпут, Кош-Агыл, Мургап, Ак-Суу, Ыстык, Ак-Таш, Кичи-Памир, Кызыл-Корум, Мукал, Андаман жана Алычур (Али-Чор) өрөөндөрүндө кездешет... кыргыз уруулары ал тургай Тагарманын түпкүрүндө да жолугат» - деп жазган (Гийом Капю. Памир кыргыздары. Француз тилинен которгон Л.Строилов\\Ала-Тоо, 1992, - № 6-7).

Италиялык ориенталист Феликс Рокка (1898-жыл) Памир-Алай кыргыздарын мунгуш, адигине жана ичкилик деп аталган үч урууга ажыратып, алдынкы эки уруу Ош жана Анжиян тарапта отурукташканын, ичкилик уруулук тобу Маргалаң менен Кичи Алай тоолоруна ыктай жайгашып, жалпы саны 75 миң кишиге жетерин, Чоң Алайда найман уруусу жашап, 500 түтүн же эки жарым миңге жакын эли бар экендигин, алар чыгыш жагы Кызыл-Эшим, батыш тарабы Кызыл-Суудан Дараут-Коргонго чейин созулган аймакта көчүп-конуп жүрүшөрүн жазган. Автор Кытай менен чектешкен Памир кыргыздары тууралу так маалымат берет: «Можу дарыя өрөөнүнүн беги Алайчы-бек Ыраң-Көлдүн чыгыш жагын башкарса, анын колунда 50 гө жакын боз үй болгон. Курумчу-бектин кол алдында 150 боз үй болуп, Мургаб, Алычур, Пишарт өрөөндөрүн ээлеген. Аксуу жана Ыстык дарыяларынын боюнда 100 боз үй менен Маткасым-бек жайгашкан, анан Сахып-Назарга баш ийген 40 боз үйлүү эл Кудар, Көк-Жар, Көк-Бел-Суу өрөөндөрүнүн ар кайсы жерлеринде чачкын жайгашкан, баары биригип 1700 түтүн эл болгон»(Рокка Феликс. Памир жана Алай кыргыздары\\Кыргыздар.Т.I,-Бишкек,1991,355-бет.).

Памир өрөөнүндө кыргыздын ичкиликтер уруулук тобунун өкүлдөрү болгон кыпчак, найман, кесек, тейиттер жашап келишет. Соңку маалыматтар боюнча кыдырша уруусун да кошуп жүрүшөт. XIX к. Памирге келген орус ориенталистери да жергиликтүү кыргыздарды негизги төрт урууга бөлүшөт. XIX к. 90-ж. Афганистан, Чыгыш Түркстан, Памирдеги жашаган калктарды мүлдө кыдырып изилдеген англис изилдөөчүсү Лорд Дунмор бул аймактагы жашаган кыргыздарды төрт уруудан турарын, алардын уруулук курамынан маалымат берген. Ал англис тилинде жазылган айрым грамматикалык так эместиктер менен найман, кыпчак, тайит (тейит), кисак (кесек) уруулары тууралу жазган. Ал памирдик наймандарды төрт урукка ажыратат: кон (көн найман), бустургас (босторгой-найман), мирза (мырза-найман), кияк (кийик-найман). Кыпчактар: сарт, кыргыз-кыпчак, калта-байтал. Тейиттер: кара тайит (кара тейит), сары тайит (сары тейит). Кесектер: Лорд Дунмор эмгегинде бул урууну “кисак” формасында эскерген. Кесектер үч урукка – бостон, кыдыршах (кыдырша), кхандех аттуу уруктарга ажырагандыгы тууралу маалымат берген (Жумабаев 2009, 35). Лорд Дунмардын жазган маалыматтарына тактоо киргизсе болчудай. Биринчиден, грамматикалык жактан туура эмес жазылган “кхандех” деген этноним, учурда найман уруусунун курамындагы “чандеки” деген ири уруктун англис тилиндеги бурмаланып жазылган аталышы. Чандекилер Кадамжай, Чоң Алай, Мургаб, Жерге-Тал, Кытайдын Таш-Коргон аймактарында турган наймандардын курамында кездешкен көп сандуу, ири урук. Ал эми, кесектердин курамында деп эскерилген бостон, кыдыршалар кыргыздын ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы өз алдынча ири уруулар катары белгилүү. Демек, XIX к. Памир кыргыздары же сары колдуктар алты уруудан: кесектер, тейит, кыпчак, найман, кыдырша жана бостондордон турган деген жыйынтыкка келүүгө болот. Англис изилдөөчүсү Лорд Дунмар Афганистандын түндүгүндө, Кытайдын түндүк-батыш аймактарында жашаган “катагандар” аттуу этностук топ тууралу маалымат берген. Катагандардын бир уруусу “басыз” деп аталарын эскерген. С.М.Абрамзондун өз учурунда катагандардын кыргыз тектүү этнос экендиги тууралу жазганы бар (Абрамзон 1990, 29). Этнограф Б.Х.Кармышева Афганистандын Балх провинциясына чектеш Коргон-Төбө аймагында (бүгүнкү Тажикстандын Хатлон областы) “солто”, “басыз” деген этнотопонимдер бар экендигин жазат. Бул топонимикалык аталыштар, этнонимдер аймактагы кыргыздардын миграциясын чагылдырат.

Памир кыргыздарында (сары колдуктар) бул уруулар тууралу төмөндөгүдөй саптар айтылат:

www.bizdin.kg

Найман менен Кыпчакты,
Найза берип жоого кой.
Тейит менен Кесекти,
Тизелешкен доого кой.
Оргу менен Баргыны,
Орок берип чепке кой ж.б.

1.6. Каратегин кыргыздары. Жергеталдыктар

Каратегин аймагы кыргыздар эзелтеден байырлаган чөлкөмдөрдүн бири. Бул жердин кыргыздары административдик-аймактык жактан Тажикстандын республикалык маанидеги (республикалык борборго түз баш ийген) Жерге-Тал районунун аймагында жашашат. Мындан сырткары, кыргыздар бир аздап Ляхш, Гарм, Шаартуз райондорунун аймактарында да турушары такталган. Илимий ж.б. адабияттарда Жерге-Тал районунда жашаган кыргыздар “каратегин кыргыздары”, “алай кыргыздары”, “жергетал кыргыздары” деген аталыштар менен белгилүү. 1931-ж. 10-мартында Тажик ССРинин курамында район макамын (статус) алган, 1939-1955 жж. жаңы түзүлгөн Гарм облусунун карамагына кирген. Райондун борбору Жерге-Тал шаар тибиндеги посёлок статусунда, Кызыл-Суу дарыясынын боюнан орун алган, Душанбе шаарынан 284 чакырым аралыкта жайгашкан. Кызыл-Суу дарыясынын тажикче аталышы – Сурхоб. “Сурх” – кызыл, “оби” – “кызыл түстүү суу”, “кызыл дарыя” маанилерин туюнтат. Сурхоб суусу Вахш дарысына кошулуп, Аму-Дарыянын эң ири оң куймасы болуп калат. Расмий маалыматтар боюнча райондун ээлеген аянты 4,6 миң чарчы километр, калктын саны 46 миңден ашуун. Район Тажикстандын Мургаб, Тавильдаря, Тажикабад райондору, Кыргызстандын Баткен облусу жана Ош облусунун Чоң Алай райондору менен чектешет. Райондун калкынын басымдуу көпчүлүгүн кыргыздар түзөт. Административдик жактан 8 айыл жамаатына (кырг. айыл өкмөтү) бөлүнөрү маалым. Алар төмөнкүлөр: Алга, Жерге-Тал, Домбрачы, Лахш, Муксу, Пильдон, Сурхоб, Янгишахр. Тажик Республикасынын чыгыш райондору борбордон өтө ыраак, транспорттук ж.б. байланыштары татаал аймактарда жайгашкан. Географиялык жактан республиканын чыгыш аймактарына Каратегин (Жерге-Тал, Гарм, Комсомолабад, Тажикабад), Дарваз жана Вахио (Тавильдаря) кирери маалым. Жерге-Тал посёлогу Раштан өрөөнүндө жайгашкан, аймактын жаратылыш шарты бийик тоолуу, иштетилүүчү жер аянттарына тартыш келет. Аймактын жаратылыш шарты, аба-

ырайы рельефи сыяктуу өтө контрастуулугу менен айрымаланат. Коммунизм (7495 м.), Москва (6785 м.), Мук (5888 м.) сыяктуу дүйнөдөгү эң бийик чокулардын райондун аймагында жайгашуусу Памир-Алай тоо кыркалар системасынын так борбору дал ушул чөлкөм аркылуу өтөрүн айгинелегендей. Табияты кооз, жаратылышы бай аймактын кышы суук, жайы кургакчыл келет. Жерге-Тал району Алай тоо кыркасы бөлүп турган табигый эки аймакка бөлүнөт: батышы Кош-Мойнок (Кушагб) белинен Сурхабдын (Кызыл-Суу) оң куймасы болгон Оби-Занкуга чейин, чыгышында Мук-Суу дарыясынын бассейнинен Кызыл-Суунун төмөнкү агымына чейинки жерлер созулуп жатат. Райондун борбору райондун батышында жайгашкан (Кармышева 2009, 26).

Тажик Республикасы. Республикага баш ийген Жерге-Тал районунун административдик аймагы кызыл түс менен берилген

Кыргыздар Каратегиндин Жерге-Тал чөлкөмүндө эзелтеден жашап келишет. Учурдагы райондун калкынын 70 % кыргыздар түзөрү маалым. Райондогу 54 орто мектептин 28 мектебинде окуу жалаң гана кыргыз тилинде, 13 мектепте аралаш, ал эми калган 13 мектепте тажик тилинде жүргүзүлөт. Жерге-Тал районунун кыргыз тилдүү калкы мургабдык кыргыздар сыяктуу эле Кыргызстан менен тыгыз алакада болуп келишет. Совет доорунун мезгилинде, андан соңку эгемендүүлүктүн жылдарында Кыргыз Республикасы бул чөлкөмдөрдөгү кыргыздарга гуманитардык, социалдык-маданий жактан өз жардамын берип келүүдө.

Каратегин аймагы, анда жашаган калк “Манас” эпосунун бардык варианттарында эскерилет. Кыргыздын нойгут, окчу уруулары тоолук калчалар (памир тажиктери) менен чектешкен аймак, Шоорук-хан (болжолу, Шахрух-хан) менен беттешкен жер болгондугу эскерилген.

www.bizdin.kg

Окуу китептери, усулдук маанидеги жардамдар берилип келген, жергеталдык жана мургабдык кыргыз жаштары Кыргызстандын жогорку окуу жайларында атайын квота менен билим алышат. Учурдагы Ош – Сары-Таш, Ош - Дараут-Коргон – Карамык заманбап шоссе жолдорунун курулушу чет өлкөдө жашап калган боордоштор (кытайлык жана тажикстандык кыргыздар) менен алакалардын байма-бай болуп турушун камсыздоодо. “Каратегин” – элдик уламыш-санжыраларда “катуу кыянда кырсыкка учурап, курман болушкан Кара деген жигит жана Тегинай аттуу кыздын атынан улам келип чыгат дешсе”, айрым илимпоздор (В.В.Радлов) Каратегин топоними - “кара тикенек” маанисин туюнтат деген пикирди сунуш этишкен.

Каратегин жана ага чектеш аймактар тарых баракторунда байыркы замандардан бери карай эскерилет. Байыркы грек, араб графикасындагы жазма булактарда, кытай жыл баяндарында (жазуу булактары) аймактын топонимиясы, жаратылыш шарты, калкы, маанилүү саясий окуялары ж.б. тууралу маалыматтар берилет. Өзгөчө, XIX к. орто чендеринен тарта аймакка батыштын ориенталистери, анын ичинде орус аскер адамдары, илимпоздору келишип, европалык илим чөйрөсүнө Каратегиндин калкы, жаратылыш шарты, социалдык-экономикалык абалы, калктын чарбачылыгы боюнча баалуу маалыматтарды кагаз бетине түшүрүшкөн, картасын чийишкен. Ошол маалыматтардын ичинде Памир-Алай, Каратегин кыргыздары боюнча маанилүү тарыхый-этнографиялык маалыматтар эскериле баштаган эле.

Оболу, Каратегин аймагы фарси тилиндеги автору анонимдүү (белгисиз) тарыхый-географиялык трактат болгон, 982-ж.жазылган “Худуд ал-Алам мин ал-Машрак ила-л-Магрибде” (“Чыгыш жана батыш дүйнөсүнүн чектери тууралуу китеп”) -Кардназхас, Вадминия, Дех-и-Каратегин - катарынан жайгашкан үч шаарча, бул жерлердин калкы сейрек, бирок жер иштеткен дыйканчылык маданияты өнүккөндүгү жазылат (Бартольд 1973, 170-196). Болжолу, Дех-и-Каратегин шаарчасы бүгүнкү Гарм болуусу ыктымал. Бул жерге X к. ислам динин күн чыгыш тараптан каптап келген “динсиздерден” коргоо жана динди “каапырлар” арасында таратуу үчүн чыңдоо шаары курулган.

“Манас” эпосунда Көкөтөйдүн арбагына багышталган ашты өткөрүү үчүн элди жыйнап кеңешкенде Каратегин – эл жыйнаганга ылайыктуу жердин бири катары айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3,76). “Зафар-намэ” (Шараф эд-Дин Йезди), “Тарихи-Рашиди”, Захриддин Бабурдун “Бабур-намэси” ж.б. булактарда аймак тууралу фрагментардуу гана эскерүүлөр, маалыматтар чагылдырылат. Өзгөчө, Махмуд ибн-Валинин “Бахр ал-Асрар фи Манакиб ал-Ахйар” аттуу эмгегинде Каратегин аймагындагы кыргыздар жөнүндө маанилүү

маалыматтарды алууга болот. Балхтагы Аштарханиддерге кызмат өтөгөн, билимдүү Махмуд ибн-Вали өлкөдөн сырткаркы аймактарга да саякат жасаган. Ал Фергана өрөөнү, Анжиян, Ош аймактарындагы кыргыздар, алардан түштүк-батыш чөлкөмдөрдөгү кыргыздардын Кулябга чейинки аймактарда көчүп-конуп жашарын жазган (караңыз: Машрапов, 2002, Вып.1. –С.27-37). Демек, кыргыздар Памир-Алай аймактарын, анын ичинде Каратегинди, Мургабды, Куляб чөлкөмдөрүн XVI к. чейин эле ээлеп өздөштүрүшкөндүгүн байкоого болот. Кыргыз тарыхчылары (Караев Ө.К., Чоротегин Т.К. Кожобеков М.Ч. ж.б.) кыргыздар Памир-Алай, Чыгыш Түркстандын тоо жана тоо этектеринде X к. чейин эле жашагандыгын белгилеп келишери илим чөйрөсүнө маалым.

Арийне, айрым изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде (караңыз: Абышкаев 1965, 9-16), 1984-ж. жарыкка чыккан “История Киргизской ССР” (1-тому) аттуу академиялык басылмада Каратегин, Гиссар өрөөнү, Дарваз жана Мургаб аймактарына кыргыздар калмак чабуулунун (1636-ж.) кысымы астында көчүп өтүшкөн деген жаңылыш илимий пикирлер айтылганы маалым. Бул пикирди Каратегиндин тарыхын жазган Н.А.Кисляков да колдогондугу белгилүү. Ооба, ошол эле Махмуд ибн-Валинин эмгегинде “12 жетекчи (бий) башында турган 12 миң түтүн кыргыздар Балхтагы өзбек ханынын аймагына көчүп өтүштү” – деп жазылат. Бирок, Каратегинде ага чейин эле кыргыздар жашагандыгын 1551-1556 жж. жазылган “Тазкира-йи ходжа Мухаммад Шариф” ("Мухаммад Шариф кожонун өмүр баяны") тастыктайт. Анда Кашкар төрөсү Абд-ар-Рашид-хан (1551-ж) Каратегиндеги кыргыздарга жоортуул жасагандыгы баяндалган (Машрапов 2002, Вып.1. 27-37). 1575-ж. Каратегинден чыккан “талап тоноо жана кан төгүүгө ынтызар болгон кыргыз аскерлери” Гиссар өрөөнүнө кол салып, “андан ары Дех-и-Науга (Дехнау) жетишти” деген маалыматты Хафиз и-Таныштын “Абдаллах-намэсинен” (XVI к.) окууга болот. Дех-и-Нау, Женд жана Хвара (Хваре) сыяктуу эле Чач дарыясынын (азыркы Сыр-Дарыя) боюнда орун алган шаар катары

www.bizdin.kg

баяндалат. Мындан, кыргыз аскерлери Каратегинден Дарваз, Гиссар аркылуу Орто Азиянын ойдуңдарына түшүшүп, Чачка (Сыр-Дарыя) чейин жетишкенин байкоого болчудай. “Худуд ал-Аламдын” маалыматтары боюнча X к. Дех-и-Наугуз бектеринин (князь) кыштоолору болгон.

Бул маалыматтардын дээрлигинде кыргыздардын салттуу чарбасында төрт түлүккө маани берилерин, өзгөчө топозго, жылкы жаныбарына ык коюшары даана белгиленген. Мусулман авторлору Балх хандыгынын төртүнчү аймагы болгон чыгыш чектери Хутталан (азыркы Тажикстандын Хатлон облусунун аталышы) чөлкөмүнүн жерлери аркылуу өтөрүн, бул аймактарды XVI к. 30-40 жж. тартып кыргыздар мекендешерин жазышат.

Арийне, XVII к. 30-ж. (1636-ж.) Балхка журт которгон 12 миң түтүн кыргыздар жана алардын уруулук курамы боюнча так маалыматты С.М.Абрамзон берген. Окумуштуу бул кыргыздарды Тянь-Шандан ойроттордун кысымы аркылуу көчкөн оң же сол канаттагы кыргыздар эмес, Чыгыш Түркстандан Каратегин жана Гиссарга журт которгон кыргыздын ичкиликтер уруулук тобу деген жыйынтыкка келген (Абрамзон 1971,78). Каратегин (Жерге-Тал) кыргыздарын атайын изилдеген москвалык таанымал этнограф Б.Х.Кармышева тарыхый фольклордун маалыматтары аркылуу Жерге-Талдагы бир катар кыштактын жашоочулары өздөрүнүн ата-бабаларынын тегин Гиссар, Куляб жана Балхтан экендигин белгилегендигин жазган (Кармышева 2009, 26-28). Изилдөөчүнүн пикиринде Махмуд ибн-Вали эскерген кыргыздардын Каратегин аркылуу Гиссар жана Балхка журт которуусунун бир себеби, ал аймакта жашаган кыргыздар менен биригүү аракети болгон. Экинчи бир себеби болсо, Гиссар жана Балх тарап каратегиндик кыргыздардын көчүп-конуп турган көнүмүш аймактарынан болгон. Чындыгында эле, кыргыздардын тарыхый эс-тутумунда “казак кайың сааганда, кыргыз Гисар жана Көлөпкө көчкөндө” деген лакап сөз сакталып келери белгилүү. Кыргыздарда жана тажиктерде кеңири жайылган санжыралык оозеки маалыматтарда шахтар доорунда (орто кылымдардагы Газневи мамлекети) Каратегинди кыргыздар гана мекендешкенидиги баяндалат (Кармышева 2009, 30). Мисалы, кызыл аяк уруусунун келип чыгышын түпкү легендарлуу бабасы болгон Ак-бийге байланыштырышат. Ак-бий 400-500 жыл илгери Балхтан келип отурукташып калган экен. Жерге-Талда орто кылымдарда Балхтан алынып келинген алманын сорттору сакталып калган. Бул маалыматтар XVII к. биринчи бөлүгүндөгү кыргыз урууларынын Балхка көчүп өтүүсүн баяндаган булактарды бекемдейт. Б.Х.Кармышева Балхка (азыркы Афганистан) чектеш болгон Корго-Төбө аймагында (Тажикстандын учурдагы Хатлон чөлкөмү) “солто”, “басыз” этнотопонимдери сакталып калгандыгын белгилейт (Кармышева 1976). XX к. баш чендерине карата Каратегиндик

www.bizdin.kg

кыргыздардын басымдуу бөлүгүн кыдыршалар (гыдырша) түзгөн. Кыдыршалар Фергана өрөөнүн тоо этектерин, Чоң Алайды жердешкен. Кыдыршалардын салыштырма санынын азайышы алардын бул аймактан башка жакка журт которуусуна байланыштуу болуусу ыктымал.

Маалыматтар XVIII-XIX кк. кыргыздардын Каратегин аймагындагы жайгашуу ареалы бүгүнкү этностук локалдашуусунан айрымаланып турган. Тажиктаануучу окумуштуулардын пикирлеринде кыргыздар мындан 200-300 жылдар мурда азыркы Каратегинден батыш жайгашкан Гарм, Гиссар чөлкөмдөрүндө да жашакан. Так айтканда, кыргыздар Каратегинди эчактан толук өздөштүрүп, ээлеген калк болгон. Орто кылымдардагы тарыхый булактарда эскерилген жери семиз, жашоого ыңгайлуу, соода жана байланыш жолунан орун алган Каратегинге тажиктер көчүп келе баштаган. XIX к. 40-ж. чейин Оби-Гарм (Каратегин-Гарм) аймагы толук кыргыздардын ээлигинде болгон. Ушул мезгилден баштап аймакка тажик калкы ургаалдуу көчүп отурукташа баштаган. Тажиктер кыргыздарды Батыш Каратегинден чыгышка сүрүп чыгарышкан. Тажиктер бул аймакта кийинки учурларда эле пайда болгондугун тажиктаануучулар жашырышпайт (караңыз: Кисляков 1954, 25; Искандаров 1961,41).

1951-1953 жж. Гарм тарыхый-этнографиялык экспедициясынын катышуучулары (жетекчиси профессор Б.Х.Кармышева)жергиликтүү тажиктердин арасынан сурамжылоо жүргүзгөндө 350-400 жылдар илгери бул аймакты (Каратегиндин баиышы) бир өңчөй кыргыздар жердешкендиктерин, кийинчерээк Оби-Хингоу, Яхсу тараптардан көчүп келген тажиктер кыргыздарды Каратегиндин чыгыш тарабына сүрө баштап, отурукташа баштаганын жазып алышкан (Кармышева 2009, 25). Ал эми Жергетал району жайгашкан Каратегиндин күн чыгышында мындан 200-250 жылдар мурда кыргыздар гана жашагандыгын белгилешет. Тажиктер аймакка кайсыл мезгилде келишкендерин так билишет. Алар кыргыздардын арасына Вахиодон келип туруп калышкан (Кармышева, 2009,25).

Бул чөлкөмдү изилдеген окумуштуулар кыргыздарды аймактын түпкү автохтондуу калкы катары карашат. Суулуу, түшүм берген семиз жерлери, бетегелүү жайыттары болгон жерлерге башка аймактардан тажиктердин көчүп келүүсүнө түрткү берген. Бул процесс өзгөчө XIX к. күч алган (Прищепова 2008, 236-237). Ириде, кыргыздар бир гана Каратегин өрөөнү эмес, андан батыш аймактарга чейин жайгашкандыгын башта эскерип өткөнбүз. XIX к. үчүнчү чейрегинде Заравшан өрөөнүндө жайгашкан Самаркандда – 665, Катта-Курганда – 372, Ургут волостунда – 17 түтүн кыргыздар жашары катталган. Ошол эле учурда Заравшандын Бухара чөлкөмүндө “кыргыз” атын алып жүргөн алты арыкка бөлүнгөн 20

кыргыз айылы болгондугун булактар тастыктайт (Маанаев 1969, 37). Заравшан өрөөнүнүн Бухара, Гиждуван, Керминин жана Шахрисябз уездеринде өздөрүн “кыргызбыз” деп атаган 5600 киши каталганы маалым. Алардын дээрлиги отурукташууга өтүшүп, жергиликтүү тажик жана өзбек маданиятынын, тилдеринин таасирине кабылышканы маалымдалат.

XIX к. 30-ж. тарта Каратегин Кокон хандыгы жана Бухара эмирлигинин ортосунда талаш аймакка айлана баштаган. 1834-ж. аймак (Мухамед Али-хандын тушунда) Кокон хандыгына баш ийип калат. 1868-1862 жж. Каратегинге Кокон ханы Малла-хан жоортуул жасаган (Наливкин 1885, 134). Ушул кылымдын орто чендеринен Россия империясы Орто Азияга, анын ичинде аскердик-стратегиялык мааниси бар Каратегинге көз арта баштаганы белгилүү. 1869-ж. Каратегин-Гиссарды Бухара эмирлиги басып алат. Орустар аймактын эмирликке баш ийип калуусуна каршы болушкан эмес. Орустар англичандардын аймакта пайда болуусунан чочулап, бухаралыктардын басып алуусун көрмөксөн болушкан. Чыгыш Памирдеги чек ара 1876-ж. Россия-Бухара формалдуу келишими боюнча Кичи-Карамык-Суу аркылуу өткөн. Россия тараптан келишимге генерал-адьютант М.Д.Скобелев кол койгон. Ушул мезгилден тартып аймак орус изилдөөчүлөрүнүн назарында боло баштайт. Европалык окумуштуулардан Каратегинге келген алгачкы саякатчы жана Түркстанды изилдөөчү В.Ф.Ошанин болгон. Саякатчы В.Ф.Ошанин М.Д.Скобелев жетектеген “Алай жүрүшүнө” катышкан. Анын 1878-ж. жай айындагы Памир-Алайды изилдегенден соң жарык көргөн эмгеги белгилүү. Ал “Бухаранын чыгыш атрабы (Каратегин) жана түндүгү орус Памирине ыктайт, андан түштүккө карай дээрлик көз каранды эмес көчүп-конуп жүргөн кыргыздар жашаган жерлер башталат” -деп жазган. Россия империясынын курамына каратылгандан соң Фергана облусунун генерал-губернатору болуп калган М.Д.Скобелев жергиликтүү калктар менен тил табышкандыгы айтылат. “Сарттар орустардын келишин кубануу менен тосуп алышты, согушчал кыпчактар баш ийгенден соң сөзгө бекем турушуп, көтөрүлүш чыгарышкан жок. Бирок, Алайды жана Кызыл-Суу дарыясынын өрөөнүн (Каратегин) байырлаган кыргыздар баш ийишкен эмес. М.Д.Скобелев колундагы куралды баш ийбеген кыргыздарга каршы колдонду..., генерал М.Д.Скобелев Каратегиндин чегине чейин барды, ал жерге аскер калтырды”- деген маалыматтар бар. Орус Генералдык штабынын капитаны Б.Л.Громбчевский 1889-1890 жж. жасаган чалгындоо саякатында: “...Каратегин бектигинин аймагын Алай өрөөнүнүн уландысы катары кароого болот. Бул жер Сурхобдун (Кызыл-Суу дарыясы) эки жээгинде созулуп жатат. Бул аймактын калкынын бир бөлүгү кыргыздар, экинчи бөлүгүн тажиктер түзөт. Чыгыш Каратегиндин кыргыздашкан тажиктери кыш мезгилдеринде үйлөрдө, айылдарда жашашат. Жай мезгилинде мал-жаны менен чогуу тоого

www.bizdin.kg

көчүшөт. Каратегин жарды өлкө, бирок эгин айдаганга ыңгайлуу, Улуу Пётр тоо кыркасынын түндүк атрабы мал бакканга ыңгайлуу”–деп жазат (wiki.risk.ru/index.php/Доклад_Гр.). Маалыматтардан XIX к. аяк чендерине карата өрөөндө тажик калкынын салыштырма саны көбөйө баштаганын байкоого болот.

1878-ж. 1917-ж. чейин Каратегин бектиги Бухара эмирлигинин курамына кирген. XIX к. аяк чендерине карата Каратегиндеги кыргыздардын саны 25 миңге жеткен. Калктын уруулук курамы кыпчак, найман (актачы найман), кесек, кыдырша жана тейиттерден тургандыгы маалым. Кыргыз тарыхчысы А.Абышкаевдин маалыматтары боюнча XX к. баш чендерине карата каратегиндик кыргыздарда 150 миң баш кой, 15 миң жылкы, 80 миң ири мүйүздүү мал болгон. Алардын үчтөн бирин саан багытындагы уйлар түзгөн. Жер иштетүү жогорку денгээлде өнүккөн (Абышкаев 1965, 18-22). Кыргыздар мал чарбачылыгы менен катар зарылдыгына жараша эгин айдашып түшүмүн алышкан.

XX к. 20-30 жж. чек аралар такталып, анын натыйжасында улуттук республикалар түзүлүп жаткан чакта Мургаб (Бадахшан) кыргыздары сыяктуу Каратегин аймагында эзелтеден жашап келген кыргыздар Тажик Республикасынын курамына киргизилген. Волюнтаристик чечимдердин натыйжасында жаңы түзүлгөн чыгыш аймактары (Каратегин, Гарм ж.б.) Душанбедеги борбордук бийликтен ыраак жайгашып, борбор менен байланышуу өтө татаалга турган. Изилдөөчүлөрдүн белгилөөлөрү боюнча Совет бийлигинин мезгилинде байыркы замандардан Улуу Жибек жолунун тарамдары өткөн бул аймактар социалдык-экономикалык жактан артта кала баштаган. XX к. 50-60 жж. тоонун элдерин жаңы өздөштүрүлүп жаткан Вахш жана Кафирниган өрөөндөрүнө көчүрүү саясаты ишке ашырылган эле. Пахта плантацияларына көчүрүлгөн калктын бир бөлүгүн Каратегин кыргыздары түзгөн. Шаартузга (Куляб облусу) көчүрүлгөн кыргыздардын бир бөлүгү ал аймакта бүгүнкү күнү да жашап келишери маалым. Москвалык тарыхчы-этнограф Б.Х.Кармышева Каратегин кыргыздары жергиликтүү тажиктер менен кыз алышып, куда-сөөк боло баштаганын XX к. 50 ж. байкаганын жазган (Кармышева 1956, 23). Арийне, бул социалдык көрүнүш массалык мүнөзгө ээ болгон эмес. Деген менен, жергиликтүү кыргыздар кошуна жашаган фарси тилдүү тажиктердин маданиятынын айрым элементтерин, лексикасын кабыл алышканы байкалат. Бул аймактын калкынын басымдуу бөлүгү эки тилде (кыргыз жана тажик) эркин сүйлөшө алышарын тилчи-адистер да белгилешет.

Совет доорунун мезгилинде Каратегин жана Мургаб кыргыздарынын социалдык-экономикалык абалы, маданий денгээли өсүп-өнүктү, жапырт сабатсыздык жоюлду. Кыргызстан аймактын кыргыздарын агартуу-гуманитардык жактан, адистер тарабынан

www.bizdin.kg

дайыма колдоп турду. Миңдеген адистер Кыргызстандын орто жана жогорку окуу жайларынан билим, таалим-тарбия алышты жана алышуда. Учурдагы Кыргыз өкмөтү, мамлекеттик, коомдук ж.б. уюмдар да өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде жардамдарын берип келишүүдө.

Пайдаланылган булактардын жана адабияттардын тизмеси

Абашин С. Н. Население Ферганской долины (К становлению этнографической номенклатуры в конце XIX — начале XX века)//Ферганская долина: Этничность, этнические процессы, этнические конфликты. — М., 2004. -С.38-102.

Абдуллаев У., Атаханов Р. Из истории узбекско-киргизских этнокультурных взаимоотно (по материалам Ферганской долины). ISSN 1991-3087. jurnal.org/articles/2014/hist9.html.

Абдылдаев Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүүсүнүн негизги этаптары.–Фрунзе,1982.

Абрамзон С.М.Вопросы этногенеза киргизов по данным этнографии//ТКАЭЭ. Т.III. - С.31-43.

Абрамзон С.М. К семантике киргизских этнонимов//СЭ. -№3, 1946. - С.123-132

Абрамзон С.М.Народные предания как источник этнической истории киргизов Центрального Тянь-Шаня// Этническая история народов Азии. -М.: «Наука», 1972. - С. 67-83.

Абрамзон С.М. Вопросы этногенеза киргизов по данным этнографии//ТКАЭЭ. Т.III. - С.31-43.

Абышкаев А. Каратегинские киргизы в конце XIX-начале XX вв. –Фрунзе, 1965. -55 с.

Алымбаев Абдрахман. Информатор жана тарых изилдөөчү. 60 жашта, уруусу саруу (тубай).

Бушков В.К., Зотова Н.Л. Сельское население Наманганского уезда на рубеже XIX-XX веков (по статистическим данным)//Ферганская долина: Этничность, этнические процессы, этнические конфликты. — М., 2004.-С.110-138.

Валиханов Ч.Ч. Собр. соч. –Алма-Ата, «Гылым», 1958. - 478 с.

История народов Узбекистана. -Ташкент, 1947. Т.II. -514 с.

Гийом Капю. Памир кыргыздары. Француз тилинен которгон Л.Строилов\\Ала-Тоо, 1992, -№ 6-7

Гордон Т. Путешествие на Памир (главы из книги "Крыша мира"). СПб., 1877. С. 12

Губаева С.С. К истории к изучения этнического состава населения Ферганской долины\\ Ферганская долина: этничность, этнические процессы, этнические конфликты Отв. ред. С.Н. Абашин, В.И. Бушков; Ин-т этнологии и антропологии им. Н.Н. Миклухо-Маклая. - М.: Наука, 2004. –С. 6-38.

Губаева С.С. Этнический состав населения Ферганы в конце XIX— начале XX в. (по данным топонимии). Ташкент, 1983.

Губаева С.С. Население Ферганской долины в конце XIX-начале XX в. (Этнокультурные процессы). -Ташкент, 1991, (9 п. л.).

Жумабаев Б.М. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосасий күрөш. –Б.: 2009.

www.bizdin.kg

Койчиев А. Национально территориальное-размежевание в Ферганской долине (1924 г.). - Бишкек, 2002.
Зарубин И.М. Список народностей Туркестанского края. -Л., 1925, -С.5.
Каратаев О.К., Эралиев С. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. –Б.: 2005.
Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдеринин сөздүгү. – Б.: КТМУ. 2003. -275 б.
Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, келип чыгышы, этностук-маданий алакалары. –Бишкек, 2013. - 290 б.
Кармышева Б.Х. Очерки этнической истории южных районов Таджикстана и Узбекистана. -М.:»Наука», 1976.- 356 с.
Кармышева Б.Х. Каратегинские киргизы. –М. 2009.
Кармышева Б.Х. Поездка к киргизам Джиргаталя в 1954 г.//Изв. Отд. Общ. Наук АН Тадж. ССР. Вып. 10-1. 1956.
“Манас”. Энциклопедия. I-II томдору. - Бишкек, 1995.
Макелек Өмүрбай. «Кыргыз туусу», 2003, 25-27 март
Машрапов Т.Т. "Бахр ал-асрар фи манакиб ал-ахйар" (География) Махмуда ибн Вали как источник по истории Кыргызстана XVI - XVII вв. // Вопросы востоковедения и востоковедного образования. - Бишкек: БГУ, 2002. - Вып.1. - С.27-37.
Лыкошин Н.С. Чапкуллукская волость Ходжентского уезда. Опыт исследовании экономических и бытовых условий жизни ее населения //Справочная книжка Самаркандской области. VIII. Самарканд, 1906.
Магидович И.П. Население ТАССР в 1920 г. // Статистический ежегодник 1917-1923 гг. - Ташкент, 1924. Т. 1. С. 43-45.
Маанаев Э.Ж. Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхынан. –Фрунзе, «Илим», 1969. – 123 б.
Наливкин В., Наливкина М. Очерки быта женщины туземного местного населения Ферганской долины. - Казань, 1886.
Реми Дор. Ооган Памириндеги кыргыздар. Бишкек, 1993. -104 бет.
Реми Дор. Ооган кыргыздары (которгон П.Казыбаев). –Б.: 2001.

Рокка Феликс. Памир жана Алай кыргыздары\\Кыргыздар.Т.I,-Бишкек,1991, 355-бет.
Сыдыков А.С. Родовое деление киргиз\\В.В.Бартольду. Туркестанские друзья, ученики и почитатели. –Ташкент. 1927
Ситняковский Н.Ф. Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области //Изв. Туркестанского отдела Рус. геогр. об-ва. Ташкент, 1900. Т. II. Вып. 1.
Турдуева А. Кытайда жашаган кыргыздар. –Б.: 2001.

Гордон Томас Эдвард. Крыша мира. Повествование о Путешествии через Тибетское плато к Русским границам и истоку Амударьи в Памире. СПб.,1876.
Шаниязов К.Ш. К этнической истории узбекского народа (историко-этнографическое исследование на материалах кипчакского компонента). -Ташкент,1974.
Шаниязов К.Ш. Кипчаки в узбекской этнической среде в дооктябрьский период //Этнические процессы у национальных групп Средней Азии и Казахстана. - М., 1980.
Этнический атлас Узбекистана\\Кыргызы. –Ташкент, 2002. –С. 140-144.

Проф. Каратаев О.К.